Ж. БӨКӨНБАЕВ

# ҮЕПТЕН ЭРДИН КҮЧҮ БЕК



Ж. БӨКӨНБАЕВ

# ЧЕПТЕН ЭРДИН КҮЧҮ БЕК

(ЫРЛАР, ТАМСИЛДЕР ЖАНА ПОЭМАЛАР)

Түзгөн ТЕНТИ ЖУНУШБАЕВА

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК
ОКУУ-ПЕДАГОГИКА БАСМАСЫ
ФРУНЗЕ ☆ 1959-ж.

## *БАСМАДАН*

*Бул китеп кыргыз элинин жалындуу патриоту маркум Жоомарт Бөкөнбаевдин патриоттуулукка, гумандуулукка жык толгон ыр-поэмаларынан, тамсилдеринен тандалып түзүлдү. Акындын чыгармаларында советтик жаш муундарды ата-журтун сүйүүгө, аны ички жана тышкы душмандардан коргоп алууга жан-дили менен үндөгөн. Жатып ичер жанбактылыкка каршы туруп, эмгекти, адамкерчиликти жана алардын өлбөс-өчпөс мазмунун даңазалап ырдаган. Ошону менен бирге, жыйнакка акындын «Балдарга ылайыктуу китептер керек» деген талаптуу макаласы кошулду.*

*Жыйнакты түзүү иши акындын жесири Тенти Жунушбаева тарабынан жүзөгө ашырылды.*

ДЕТ НЯ
ТАШ Р2
ИБ

2018

# Ырлар

8690
ЦДБ
МЦБС
ЦДБ
МЦБС

## МЕНИН КАНЫМ

Каным—ташкын, азоо ээ-жаа бербеген.
Каным—үмүт, көккө колду сермеген.
Каным—кайрат, көздөгөнүн ала алат,
Каным—чынчыл калп-карага көнбөгөн.

Каным — адил, ага-буга берилбейт,
Каным — шыктуу, эмгек кылат, эринбейт
Каным — тапчыл, өз табымды сүйөмүн,
Каным—таза, мангиликке чирибейт.

Каным — баатыр, эмгекчи үчүн төгүлөт,
Каным—жарык, тендик жерге себилет.
Менин каным—чындап кирип ташканда.
Душман каны жер астына чөгүлөт.

Менин каным—заводдогу жумушчу,
Мен да кылам колум кысып жумушту.
Менин каным—коммунизм жолунда
Чыңайт күн-түн жаңы заман курулушту.

## МЕНИН ЫРЫМ

Менин ырым—кимдер үчүн ырдалат,
Толкуп жүрөк кимдер үчүн ыргалат?
Күндүр-түндүр кубулжуган үн менен,
Булбул дабыш кимди мактап күү чалат?

Мен ырдабайм кызыл алтын зер үчүн,
Мен ырдабайм насип бузуп мал үчүн,
Мен ырдаймын—кайрат болуп эмгекке,
Таза жүрөк—жанган жалын ал үчүн!

## ЖАР ТАШТА

Жер бетин караңгылык каптап баскан,
Жел жүрсө өсүмдүктөр атыр чачкан.
Кадалган жымыңдаган сансыз мончок,
Булутсуз шаттык басып турган асман.
Жүрөктү солкулдатып азоо тайдай,
Угулду муңдуу дабыш аска таштан.

Жетүүгө күндүзгүдөй аска ташка:
«Жекирип» түн өкүмү камайт «баспа!»
«Муңданган кандай пенде болду экен» деп,
Жуулду албыр бетим жылуу жашка.
Капалуу муңдуу дабыш толкундаса,
Зыңгырап үнүн кошту көп жар, таш да.

Токтолуп дегдеп көңүл, тура албадым,
Адымдап, беш бармактап ташка бардым,
Жөлөнүп куу арчага агып жашы,
Бир бала кучагында ысык кандын;
Жалындап, чабалактап эт жүрөгүм,
Жалбарып сүртүп жашын алдыма алдым.

Уу камчы тийген шак-шак, жарык башы,
Баланын Туткуч экен, билдим, аты,
Жалданып бай колунда жаштайында,
Чырмалган жаш жүрөгү муңга катуу.
Камчылап бай үйүнөн кетиргенде,
Калкалап турган экен тоонун ташы.

Шорголоп, бетин боёп аккан каны,
Үн чыгат уңулдаган кетип алы,
Соороотсом күчөп ыйлайт кагып өпкө,
Чымырап бүткөн боюм кетти баары.

Толкуну бетин жууду аккан кандын,
Алсырап акылыман мен да тандым,
Зыпылдап жели жүрүп, сайрап торгой,
Билинди бир белгиси атар таңдын.
Көтөрүп жаш Туткучту аркама алып,
Сооротуп, эркелетип үйгө алпардым.

## ЖҮРӨК ТАГЫ

Салынган өткөн күндө жүрөк тагы,
Саргайып кубарыңкы тарткан каны.
Жалдырап бай-манапка болуп туткун,
Дарыядай толкундаган ичтин зары.

Ойлосок ич жалындайт өткөн күндү,
Тамчылап жалчы каны аккан түндү.
Буйлалап, зар какшатып, жалындырып,
Залимдер «кол» алдында алып жүрдү.

Бүгүлдү колдорубуз көкүрөккө,
Запылдап калкып канга тынбай өпкө.
Чандайып кан тамчылап беттеринен,
Кап курсак бийлик кылып жүрдү көпкө.

Ысыкта, суукта тыным албай,
Кургады суусуз чөлдө катып таңдай.
Куур тон терге жибип шылбырады,
Чыпылдап бүткөн бойдон акты шардай.

Сандалдык сансыз койдун аркасында,
Аркайган Ала-Тоонун калкасында.
Тытылып жаман чепкен бөлөк-бөлөк,
Илинген көк тикенек арчасында.

Уйку жок жылкы имерип жүрдүк түндө,
Бөлөнүп кементайда каткан кирге,
Бозоруп атканда таң бай үйүндө,
Уулардык шай төшөктө жаткан тилге.

Орногон оң ийинге жиптин тагы.
Шакылдап башка ойногон камчы сабы,
Мөлтүлдөп, бетти жайпап, агып турган,
Куу камчы тийген жердин аккан каны.

Байлардын бар оокатын кылдык белен,
Сөксө да, бай лакылдап, көрбөй эрээн,
Казандын кырмычыгын кырып коюп,
Байдөбөт жана койчу «ичсин» деген.

Артар деп бай кешиги, кадап көзду.
Томсоруп, муңайымдуу—болдук сөздүү,
Алдастап жүрөгүбүз алас уруп,
Муң сыйбай көкүрөккө болду көчкү.

Түйшүгүн байдын кылып жүрдүк чөлдө,
Кулачтап чыгалбастан толкун көлдө,
Заар тил, кандуу таяк салдарынан,
Зар толгон кабат-кабат уюп тенге.

Көрбөйбүз андай күндүн эми бетин,
Жалчылар, жарык багыт—алга кеттиң,
Өткөндө муң-зарыңды терип-тепчип,
Кагазда из калтыруу чоң милдетиң.

Айыкты анда түшкөн жүрөк тагы,
Соолду такты салчу залым каны,
Агылды, токтобостон селдей болуп,
Уюган толкундаган ичтин зары.

## ОКТЯБРДЫН ТҮНҮНДӨ

Жыйырма жыл мындан мурун
Ноябрдын түнүндө,
Колдо мылтык, бирөө жатты
Боз дубалдын түбүндө.

Та... та... та... та... туш жагынан
Пулемёттор атылат,
Кара түндө чагылгандай,
Калың октор чачылат.

Көчөлөрдө кан дайрадай,
Кан дайрадай агылган.
Шамдар өчкөн, шарак-шарак
Дарбазалар жабылган.

Боз дубалда мылтык менен
Өлүп жаткан ким эле ?
Майдан салган көркоолорго
Большевиктин бири эле,

Арстандай атырылып,
Жоого каршы бет алган,
Как жүрөктү жарып кирип
Душман огу кадалган.

Мына ошондо аркасында,
Үч баласы калды эле.
Эң кичүүсү жарым жашар,
Эң улуусу ондо эле.

Бүгүн мына жыйырма жыл
Таалай-бакты алганга,
Үч баласы ойноп өстү,
Ойноп өстү жыргалда.

Бир баласы чоң инженер—
Өлкөбүздүн чебери,
Орден таккан төштөрүнө—
Өз элинин белеги.

Бир баласы асман менен.
Карчыгадай айланат,
Большевикчил алгыр шумкар,
Баатыр жүрөк шаңданат.

Эң кичүүсү быйыл чыкты
Жыйырманын чагына,
Кыраан куштай учуп кирди
Кызыл аскер сабына.
Эл камы үчүн курман болгон
Жаның бекер кеткен жок,
Таалай үчүн суудай аккан
Каның бекер кеткен жок.

Бейитиңден жайнап чыккан
Берекелүү гүл үчүн,
Сен кармашкан биздер үчүн,
Жыргал жайдар күн үчүн!

## ТУУЛГАН ЖЕРДИ КӨРГӨНДӨ

Ушул аска бешиги эле өмүрдүн,
Ушул дайра дабасы эле көңүлдүн.
Берки кайың, берки бутак, карагай
Эстен кетпес белгиси эле кегимдин.

Ойноп-күлбөй балалыкты кечирген
Ойноп күлбөй зар-кайгыда жетилген,
Балаң келди, аманбы жер, баш көтөр!
Балаң келди—кечээ күнкү жетимчең.

Амансыңбы эркелетер сар аскам,
Муң айтышып мен жетимге жарашкан.
Балаң келди, ырда катуу, үнгө сал,
Кулак салып жер дүйнө карашсын.

Сен эмнеге томсоросуң, капчыгай?
Эске салып, бир тереӊ сыр айтчудай.
Бир кезекте кучагыңда ыйладым,
Көздөн жашым тоголонду тамчыдай.

Эми мына ыйлабайын, күлөйүн,
Эркин турмуш, эркин өмүр сүрөйүн.
Эске салып муңайбачы, капчыгай,
Эстен чыккан шум замандын үрөйүн.

## МАДАНИЯТ

Кутулбас иле * качып адамзаттан;
Көндүрүп табиятты азоо жаткан,
Чыгарып алтын мээден ар кыл акыл,
Миң сандуу билим, өнөр баарын тапкан.

Сүйлөшүп шыбыш менен айлык жерден,
Толкутуп радио, телефон таккан.
Жылдыздай жымыңдатып, күлүң-күлүң,
Жайнатып электордун шамын жаккан.
Заңкайган эчен кабат сарайларды,
Жасаган болот, чоюн, асыл таштан.

---

* Иле—амал.

Кыдырып жердин бетин арып-талбай,
Күпүлдөп паровоздор көбүк чачкан.
Бырпырап темир куштар айланышты,
Жол болуп жан жетпеген түпсүз асман.

Толкундап чексиз жаткан көк деңизде,
Шартылдап пароходдор тынбай чапкан.
(Сурасаң «Ким жаратты?» деп ушуну):
Кайнаган кайрат, эмгек, билим ачкан.

Май сыгып өнөрүнөн шорголотуп,
Маңыздап кезегинде даамын таткан.
Курууга жаңы турмуш—маданият,
Ыкчамда, шапа-шупа майданга аттан!

## МУГАЛИМ

Алтын билим, өнөрдүн
Сүтүн берген мугалим.
Аябастан эмгекке
Күчүн берген мугалим.

Караңгыны билимге
Сүйрөп чыккан мугалим.
«Калам, кагаз алгын» деп,
Сүйлөп чыккан мугалим.

Жаңы заман балдарын
Машыктырган мугалим,
Жан-жүрөктү өнөргө
Ашык кылган мугалим.

## ӨЛБӨС ЛЕНИН

### I

Асмандап бүркүт айланып,
Ай-ааламга жар салып,
Жарыгы тийди тептегиз
Жаткандарга саргайып.

Калкына чачкан шооласы
Канаттуу күндүн нурундай,
Кармашкан жандар түт келбес,
Кайраты тоонун суундай.

Жайдары күлүп жалпы жан,
Жабыла калбай артынан,
Булдурду эзген дүйнөнү
Буркуттун үнү шаңшыган.

Көтөрө сермеп канатын
Көкөлөп сызды талбады,
Талыкшып жаткан жандарга
Таалайдын шамын кармады.

Талааны, тоону кыдырып,
Дабышын катуу чыгарды,
Каптаган нуру жок кылды
Карайып жаткан туманды.

Миңдин жаны кубанды
Бир кагылса канаты,
Балбылдап сары жылдыздай
Бакыт күн тууду, таң атты...

Сел жүрсө—селге кетпеген,
Сермелсе душман жетпеген.
Жамгырдай жаап турса да
Замбирек огу тешпеген.

Көк тиреген аскага
Көркөмдөп салган уяны,
Түнү жок күндү жараткан
Дүйнөнүн учкул кырааны.

II

Ал кыраан — Ленин болучу
Арнаган күчүн элине,
Өмүрдүн күйгөн чырагы
Өлбөс жан болсоң эмине!..

Келбетиң турат жадырап
Кетсең да келбес сапарга,
Жүрөккө кайрат, күч берип
Жүрөсүң биздин катарда!..

Турмушка таалай уланган
Туулуп чындык кыялдан,
Сар алтын текөөр, жез канат
Сандашып учту уяңдан.

Мүнүшкөр багып түлөткөн,
Мурунтан кыраан үйрөткөн,
Берендер чыкты элиңден
Беттешкен жоосун жүдөткөн.

Эзелден кайгы, зар баскан
Элиңдин ачтың таалайын.
Атыңды жаттап, ардактап
Айтабыз сыйлап ар дайым.

Душманын селдей каптаган
Туулган элден уландар.
Өксүтпөй калкын багууга
Өзүндөй чыккан кыраан бар.

III

Гүлдөгөн түзгөн заманың
Күнүңдүн тийген деминде,
Мөлтүрөп тизген берметтей
Мөмөлөр бышкан жериңде.

Жаркырап шамың жагылды
Жапан чөл менен адырга,
Эзелден түштө көрбөгөн
Элиңе бүттү санжырга.

Жүрбөдүңүз көп жашап,
Жүрөктү ушул муңайтат.
Өрнөгүң калган түбөлүк,
«Өлдү» деп сени ким айтат?

Майданда жеңдик душманды
Баарысы баатыр балдарың,
Таразасын тарыхтын
Оодарып түштү салмагың!

# ЖАШТАР КҮНҮ

Шаңшыган шаңдуу чуу келет,
Желбиреп кызыл туу келет,
Эмгектин жытын кучактап,
Заводдон жалын буу келет.
Маржандай жаштын көркүнө
Табият күлүп термелет.

Көчөдө бопбоз чаң бурап,
Күү чыгат сайрап шаңгырап.
Тизилип жаштар кеткенде
Көңүлүңдү жандырат.
Түрүнгөн билек шамдагай
Нур бети жылдыз албырат.

Кеңешке жаңы курулду,
Эмгекке турмуш урунду,
Элирип жүрүп машина,
Сайратты талаа, булунду.
Жаш күчү алтын шер мүнөз,
Мен дагы айттым сырымды.
Безеленген күү менен,
Көтөрөм шаңшып ырымды.

Партия сызган сызыкты,
Билүүгө жаштар кызыкты.
Күпүлдөп жүрүп пароход
Таштады сууга бузукту.
Өкүрүп гудок эрте-кеч
Жаштардын демин кызытты.

Курулуш күндө курулуп,
Эскилик жатат кырылып.
Кыштактар кирди кыймылга,
Пахтаны завод сугунуп.
Ошонун жаштар балбаны
Жумушка кирди чыйралып.

Кулпунду айыл башкача,
Даакысы түшүп сыйрылып.

Жаңыны жаңы тандады.
Машина айылга сандады.
Кол берип жаңы заманга,
Шыманып жаштар чамдады.
Жарышып тулпар туяктар
Эмгекке чуркап талбады.
Жалын ирең жаш билек,
Жаңынын жаштар балбаны
Күнүңдү майрам куттуктап,
Ойноттум калам мен дагы.

## МЕН ЖАҢЫНЫН ЭРКЕСИ

Эзелден эрке болуп күлбөй келдим,
Тайраңдап ата-энени сүйбөй келдим,
Карабай жаштыгыма элтеңдетип,
Буйлалап, турмуш, чөлдө сүйрөй келдиң
Толкутуп жаш канымды, кысып жүрөк,
Керимсел, бычак-аяз үйлөй келдиң.
Кан аккан суудай болуп жылгалардан,
Улуган улуу бороон түндү көрдүм.
Түйүнүн куу турмуштун чече келип,
Укмуштуу токсон бөлөк түргө көндүм,
Талыкшып алым куруп келген кезде,
Тумансыз ушул эркин күндү көрдүм.
Нур жутуп, көздү пардап ачык күлүп,
Серүүндөп каным толкуп, колтук кердим.

Дат баскан көкүрөктүн жуудум кирин,
Илээшкен «жин-шайтанды» куудум кийин.
Колго алып жаңы заман белектерин...
Нур кошкон эмгек көркү кийдим кийим.
Беш бармакка имере алып комуз,
Сайраттым токсон бөлөк эмгек күүн.
Жаңы жол, жаңы коргон салып барат,
Жаш тулпар, чоюн канат менин күнүм.
Боз талаа көз кубанткан жашыл көрпө,
Чыгарды жышаанына турмуш түрүн.

## ЭРИК КЫЗЫ

Таң сүрүп жарык атканда,
Эрик жел ойноп чапканда,
Уяда жаткан үргүлөп,

Балапан канат какканда,
Каптап турган сур булут,
Кеткенде калбай асманда,
Көкөлөп учтуң шаң менен,
Нур жутуп, эргип асманга.

Чарк айланып, чарк уруп,
Барабанды тарс уруп,
Кызылга бойду безедиң,
Белиңе кайрат тартынып.
Билимди жуттуң булактай
Сезимиң оюң артылып.

Шаңшытып чалып комузду,
Сайраттың булбул добушту.
Саймалап турат жаңылык
Шибердүү жаңы конушту.

Жибек саамай, акак тиш,
Салындың кызыл жоолукту,
Жаңынын салтын колдонуп,
Жоготтуң эски жорукту.

Туш-туш жактан добулбас
Чыгарды сонун көркүңдү.
Мөмөдөй болуп мөлтүрөп,
Жаштардын шаңы өрчүдү.
Куттуктап, мактап тоюңду.
Жүрөктүн күүсү чертилди.

## ЭЖЕМЕ КАТ

Эжем билчи ал-жайымды
Ушул жазган катымдан,
Көргөнүңдөн мен өзгөрүп,
Көкөй черим жазылган.
Көптү көрүп көз пардадым
Күрөш менен жашымдан...
Бул күн менин бийлик күнүм—
Шум заманды качырган.

Сагынгандыр мен жетимин,
Сак-саламат жетимиң.
Тийген мөрөй—көп олжонун,

Шыбагалаш ээсимин,
Калың кошун[1] катарында
Мен майданчыл өтүмүн.

Жетегинде большевиктин:
Бир белдүүнүн өзүмүн.
Күндөн айга, айдан жылга,
Көп мезгили көрө албай.
Көп сагындым эмгек эжем
Көрүп колум бере албай.

Биз жүргөндө жетимдикте
Эркелеткен жер кандай?
Бек тырыштым окуу жакта,
Беш жыл элге бир барбай.

Көп күн болду көрбөгөнүм.
Көксөп жүрүп көнгөнмүн.
Биле албадым, кызыгамын
Эжем нени көргөнүн.
Өткөн күндөр өттү бизден
Ойдон кетип көргөнүм.
Бирок, кетпейт эч эсимден
Ыйлап мага келгениң...
Кой артында мен жүргөндө
Тапканыңды бергениң.
Дедиң боздоп, муң кайгыда:
«Жан күйөрүм, эрмегим...»
Тең көрүштүк, чыркырадык,
Борбу байдын чеңгелин.
Ошол азап, ошол муңдан
Ыргып мында келгемин,
Мен саламат, мен жайдары.
Ал турмушту жеңгемин.
Тап майданын кызуулатып
Так жардамга киргемин.

Адис болуп бул күрөшкө
Ар тарабын билгемин,
Укчу, күлчү, эмгек эжем!

---

[1] Кошун — кошуун, аскер.



8696
ЦЛБ Тянь-Кумыкская НББС

Мен булбулуң билгенин.
Жаңы турмуш жазалгасы,
Жаш эркеси күлгөмүн.
Медер кылчы эмгегиңе
Мен жетимдин күлгөнүн.

Уктум кабар, эжем, сенден
Уюшулган эмгегиң!
Пахта терсең албай тыным,
Мага кубат бергениң.

## КОМСОМОЛДОР

Катар-катар бригаддар —
Эр жүрөктүү жаштарым,
Ал комсомол, ал эпкиндүү,
Көрчү көмүр казганын.
Ал, эпкинде да шаңдана,
Берген антың актагын—
Бачур-бучур талкалагын,
Үзгүлтүктүн капкагын.

Биздин майдан кызуу майдан,
Шердендирет жаш жанын!

Жаш жумушчу комсомолдор—
Чапкан аттай жарышкан,
Мен кубандым көрөр замат.
Көксөп келген алыстан!
Алар алган зор мөрөйдү,
Социалчыл жарыштан,
Кайрат байлап жаш күчтөрү
Кайлолорун чабышкан.

Кечээ койчу Алымкулум
Бүгүн кеңге кириптир.
Ал комсомол—эпкиндеген,
Анын күчү электр,
Көсөм Ленин орденинен
Бирин төшкө илиптир!

Сен көрөсүң ал үңкүрдөн,
Алымкулдай жашынды—
Алар кайрат Ленинчил жаш,
Кайнап күчтөр ашынды.

Чап кайлоңду —
Бур, буругунду,
Жерден казып асылды...
Актап чыккан,
Эпкин-эпкин,
Жаш большевик антыңды!

## ЖАШ КАЙРАТ

Күн санжырга
Гүлдөп айыл жаңырган,
Кыштак жашыл
Жердин жүзү албырган.
Колхоз тиккен
Жаш кырчындар бүр байлап,
Көрсө тойбос
Көз кумарын кандырган!
Самап-самап
Сагынтарлык адамды
Эчен жаны
Эчен шаани
Санжырган!
Көрсө көңүл
Жүрөк толкуп ырбаган.
Ал—бир көркөм
Жер дүйнөнү сырдаган.
Ал трактор,
Эпке келген жаш кандан.
Ал эпкиндүү,
Жаш комсомол башкарган.
Жалын кайрат
Жаш кубаты болоттой,
Чапчаң жеңер
Жаш майданы башталган.
Демеп кирип
Большевиктин артынан,
Эрден, жаштар,
Зор милдетин аткарган!

# МЕН ӨЗГӨРӨМ

## I

Мына бүгүн Тянь-Шандан жөнөдүм,
Үйрөнүүгө Москванын өнөрүн.
Керме тоолук боорлорум аман бол,
Өзгөрөрмүн,
Мен тентегиң өсөрмүн!
Өсүп,
      Өнүп,
            Өмүр, туусу—кыялды,
                  Өнөр менен
Кайра жасап келермин!
Казылбаган
Капастагы калың кен,
Калың кенден,
Дагы казып берермин!
Ай, Тянь-Шань!
Мен күнөөлү эмесмин.

Эрте келип,
Алдын албай өнөрдүн.
Ойноп жүрүп
Тулпар кылып чыбыктан,
   Ойрондогон,
      Ошол мени
         Куруткан!
Ойлоп табар
   Инженердей болалбай,
Кур калыпмын
Билим деген ырыстан.
Дагы кайрат
Чымырканып көрөмүн,
Дагы алдан,
Далайларын билермин!
Бирок кайран—
Кырчын күндөр алыстап,
Басыптырмын
Жарым жолун өмүрдүн.
Ай, түгөнгүр,
Он бешимде кез келип,
Түбүн казсам
Алтын өнөр-билимдин!

Ой, Тянь-Шань,
Куттуктасаң,
Карасаң!
Өнөр билип
Өзгөрүүгө баратам,
Сенден алган
Көр турмуштун сабагын,
Жаркын билим,
Өнөр менен сабатам!
Болбосом да
Тоо аңтарар инженер,
Чебер болуп,
Талантымды таратам

Жайкы кайың
Бутагындай ийилген,
Жашыл макмал
Жарашыгын кийинген,
Солкулдаган
Жаш талапты ий кылып,
Өлсөм дагы
Чыгарбасмын чийинден.
Ленинизм
Илимдерин үйрөнүп,
Шорголотуп
Бал сыгармын тилимден!..
Өзгөрөмүн,
Мен жайдары
Өнөрмүн,
Өзгөрөрмүн
Өткүр курал билимден.

II

Бир кезекте
Тоо башында чоорчон,
Бутта чарык,
Калдыраган куур тон.
Улар менен
Бир ышкырып,
Бир жүрүп,
Күкүк менен
Бирге сайрап,
Бир күлүп.

Ушул таман
Ошол кезде сыздаган,
Кан зирилдеп
Тоо ташына тилдирип.
Ал чактагы
Туман турмуш кайгысын,
Алган жүрөк,
Толтосуна сиңдирип.
Өзгөрөмүн
Жаңы кыял,
Күч байлап,
Ал кайгыны
Билим менен бүлдүрүп.

«Оройсуң!» деп
Далай курбум айтканын,
Ачар кезим
Алтын акыл капканын!
Мен өзгөрөм,
Акын курбум, өзгөрөм,
Сен да өзгөрүп,
Эскиликти таштагын!
Мен эркеси —
Жаңы заман элимдин,
Мен жайдары—
Шайыр боло баштадым.
Толкун кыял
Балалыктын тентегин,
Сар талаанын
Кумдарына таштадым.

## III

Мен — большевик
Киргили жок.
Киргили жок, туптунук,
Ошондуктан,
Тап душмандар,
Оптолушат умтулуп,
Колдо мөрөй,
Өмүрлүккө,
Жибербесмин уттуруп!
Мен жайдары,

Пролетардын
Балкасынан
Жаралган,
Мен өзгөрөм.
Тянь-Шандай,
Гигант куруп каламдан.

IV

Эсиңдедир,
Акын курбум,
Бизди «күчүк» дегени,
Дагы далай
«Аттар» коюп,
Дагы нелер дебеди.
Ал, ансайын
Бүр байлады
Жаңы заман тереги.
Ал терекке
Биз коnолу,
Кооз үндөр берели.
Күү чалабыз
Бийлей-бийлей
Өзгөрөлү,
Өсүп,
өрчүп
өнөлү!

## МОСКВА

I

Автомобиль, трамвайы
Жүргөн жерге келипмин,
Баары тегиз шамдагайлуу
Минген жерге келипмин.
Баары тегиз шайыр тартып,
Күлгөн жерге келипмин,
Жер дүйнө шам чырагы
Күйгөн жерге келипмин,
Миң миллион, сан өнөрүн
Билген жерге келипмин!
Октябрдын добулбасын
Каккан жерге келипмин,

Октябрдын кенчтерин
Тапкан жерге келипмин,
Жаркыраган көчөлөрү
Таштан жерге келипмин,
Жаңы дүйнө балбандары
Жаткан жерге келипмин.
Жаркын заман жайдарысы
Кутман жерге келипмин.
Мөрөй алып зор байгеден
Уткан жерге келипмин,
Аэроплан, дирижабилдер
Учкан жерге келипмин.

Көрүп туруп таңданардык—
Көчөлөрү бир сонун!
Шаан-шөкөт шарактаган
Кечелери бир сонун.
Шаан-шөкөт шарактаган
Кечелери бир сонун!

Күндүзгүдөй шаар жарык,
Кызыл-тазыл шамдары,
Эрке ойногон жарык көңүл,
Кыз-келинчек балдары.
Эртели-кеч тынымы жок
Эл дайрадай агылган.
Көк да, жер да калың караан,
Булар кайдан табылган?
Бурканданат, кызуу кайрат,
Булар — жанган чагылган.
Айланасы жашыл майдан
Тянь-Шандын чөбүндөй,
Калың токой, карайган бак,
Аяк башы көрүнбөй.
Жер чырагы ушул тура,
Чер калабы бөлүнбөй!
Канат кагат карчыгасы,
Кантсин көңүл элирбей!
Келберсинген калың көрк
Керме тоолук келиндей,
Жанга жагым бак-дарагы
Жашыл шибер жеримдей.

Ак булуттар байралгандай
Асманынан кетпеген,
Агын суудай жаандары,
Ак кайыңдар көктөгөн.
Учкул канат болот куштар,
Ушул сонун өзгөдөн.

Шарак-шарак кызууланган,
Кыймылдары кайнаган,
Кыз-келиндей көз кысышып,
Кызыктырат айланаң.

## II

Таң-тамаша далай кызык
Дагын алдан көрөрмүн.
Маш болормун майданында
Майын сыгып өнөрдүн.
Ай, Тянь-Шань, сен да бир күн
Сансыз кызык көрөрсүң...
Жапай жылга белдериңден
Трамвайга минерсиң.
Канча жылы азоо келген,
Каткырарсың, күлөрсүң.

Ошол кезде мен неликтен
Күрөшкөнүм билерсиң.
Куу топурак бейитиме
Күмүш тууң тигерсиң.

Сен Москвага теңелерсиң,
Сур турмушка күлөрсүң!
Жалаң жаткан жайдак жериң
Абаттанаар бир күнү!
Жар түбүндө жаман кепең
Кабатталар бир күнү!
Устун болор жаш чырпыгың,
Жарап калар бир күнү.
Алай, Көлдүн ортолору
Аймалашар бир-бири!

## III

Жер бетинин пролетары
Келер жери ушул жер,
Жер бетинин капиталы

Өлөр жери ушул жер,
Жер жүзүнүн Октябры
Өнөр жери ушул жер,
Жаңы заман туткалары
Түнөр жери ушул жер.
Жаңы заман эркелери
Күлөр жери ушул жер.

Эчен баатыр курман болуп,
Конуп өткөн жер ушул,
Кырылышкан кызыл майдан
Болуп өткөн жер ушул.

Жер жүзүнө добул кагып,
Үн тараткан жер ушул.
Ойго-тоого жарык чачып
Күн тараткан жер ушул.

Нечен-нечен кыргындарды
Өткөргөн жер ушул жер,
Билек менен бийлик алып,
Өзгөргөн жер ушул жер.

Күрөш менен кайнап бышып,
Гүлдөгөн жер ушул жер.
Эл кыялын кайра жасап,
Түрдөнгөн жер ушул жер.
Жер жаңыртып кайратынан,
Үндөгөн жер ушул жер.

Ойлоп таап, саат сайын
Эчен түркүн керемет,
Жер жаңырат биздин күчкө
Бүткүл дүйнө термелет.
Мен менсинген Европанын
Кайсы өлкөсү тең келет?
Жанган жалын арасынан
Өтө алмакпы жөргөлөп?
Биздин жеңиш желмаяндай,
Биздин өсүш сермелет.

## IV

Бүгүн Москва жер бетинде
Болбогонду чыгарды,
Сансыз гигант,
Фабрик-завод
Сандап-сандап куралды .
Жер бетинин пролетары,
Кол кармашты, кубанды.
Жер бетинин капиталы
Делбеленди, кубарды.
Желмаяндай зыркырады.
Биздин кадам уланды.

Жаңы дүйнө
Капитаны — большевик,
Жашаңдатты
Жаңы заман кылымды.
Өчпөс жалын —
Жер чырагы жаркырап,
Тарката көр,
Ай-ааламга чыныңды!
Бел медериң
Бир бутагың Тянь-Шань
Мен баласы —
Безелентем ырымды.
Кана, Москва,
Тянь-Шанды карагын!

Бер куралды,
Мен колума аламын.
Анда жаткан,
Алмаз, күмүш кендерин,
Алтын издеп,
Аңтарууга барамын!
Адыр-чыбыр,
Жылгаларын түз кылып,
Трамвайдын
Чоюн жолун саламын.

Кана, Москва,
Кайраттана кирели,
Ал Тянь-Шань
Асылдыгын билели.

Колхозчу эжем
Сыргалардын үйүнө
Электрден
Чырак коюп берели.
Жаңы койчу
Ашырбектер бир болуп,
Жашыл кырдан
Автомобиль минели.

## КЫЯЛЫМ БИР КҮН ЧЫН БОЛОР

Күн боюнча шарактаган,
Шаар жаткан, тынчыган.
Он толгоном кирпик какпай,
Ойлор калың курчаган.

Тоо суусундай атырылат,
Чар тарабын чапчылап,
Жаш жүрөгү неге жатат
Бир арманы барчылап!
Тер шорголоп, ойго батат,
Ойдун жүгүн артынат.
Бир кезекте уйку басып,
Келген кезде албырып,
Керме тоонун келбеттери,
Сүрөт болуп,
Көз алдыма тартылат.
Көксөп жүргөн ээн тоонун,
Көркөмдүгү артылат.
Келечектин келбеттери —
Шаттандырат — мас кылат.
Шаан-шөкөт тоого толор...
Жарык күйүп шам чырак!

Өнөр үчүн көп зарыгып,
Өксүп жүргөн баламын,
Көз көрбөгөн далайларды,
Көксөп кыялданамын.
...«Ээн жылга капчыгайга,
Катар шаар салармын.
Тоолук кыраан карчыгадай,
Кайкып учуп барармын.

Көкөмерен — Суусамырдын,
Көп сууларын бурармын.
Днепрдей электрдин,
Станциясын курармын.
Капчыгайлар шамга толор...
Таң-тамаша кылармын.
Таң алдында сайрап жаткан,
Күкүк-булбул, улардын
Таң алдында таттуу үнүн,
Талыкпастан угармын.
Тоскоол тоону түз кылармын
Уурту-бетин жырармын.
«Түү эски» деп түкүрөрмүн,
Тоо жаңырта күлөрмүн.
Керме тоонун жылгасынан,
Трамвайга минермин.
Жапай жаткан заңгил тоонун,
Жаактарын тилермин.

Көз жетпеген сары асканын,
Күкүм кылып таштарын,
Айдай даңгыр жол кыларбыз,
Ала-Тоонун асманын.
Тектир-тектир белестерден,
Термелерсиң жаш кайың!
Тентек уул өнөр билер —
Кубандырып жаш жарын.
Куудул куюн тарап турар,
Кундуз кара чачтарын,
Келин-кыздар оюн кылар,
Керме тоонун бактарын...

Тойпондогон кара балдар
Топтуу өнөргө малынар...
Жер-асманды кайра түзөр
Чебер колдор табылар.
Карындаштар эндик эмес
Кайрат түрүн жамынар.
Какшып турган ээн жерге
Катар шаар салынар...
Шалбыраган туурдугуң,
Шалдыраган керегең,
Аскар-жыбыр ашуулардан

Артып жүргөн эл элең,
Асан кайгы жөө жомогун,
Айтып жүргөн эл элең,
Көзгө сайса көрүнбөгөн,
Көөдөй кара түн элең...

Ал керегең ак тамдардын —
Айнегине алмашар,
Туурдугуң топон болор...
Тоо шамалы айдашар...
Торгой-булбул үндөрүндөй,
Толгон куулөр сайрашар.
Жердин бетин абат кылар,
Жемиш бүтүп кас-катар,
Ал акындын кыялдары
«Чын чыкты» деп макташар...

## ШАТ КӨҢҮЛ

Айланамды карасам,
Шат күлкүнүн майрамы.
Көтөрүлүп көңүлүм
Комуз күүсүн сайрады...

## ЖҮРӨГҮМ МЕНИН ДОБУЛБАС

Жүрөгүм—сокчу добулбас,
Дөбулдар тегин согулбас.
Санжырга көркөм жеримден
Сайрадым, ырдап сонундап...

Жемишти терип алууга
Жеткинчек өстү жалындап,
Турмушту жеңип жыргайлы,
Добулбас, турба сабырдап!

Хан-Теңирдин чокусуна
Билимдүүлөр үй салар,
Бир күн Кыргыз өскөнүнө
Бүтүн дүйнө таң калар...

Көк тиреген сонун үйлөр
Фрунзеде орнолор.
Көк сырдалган трамвайлар

Көчөлөрдө жорголор.
Көрүп турса таң каларлык.
Көчө астында жол болор.

Ал кездерде мен картайып,
Таяк менен басармын.
Өткөн турмуш көргөн күнүм,
Жомок кылып жазармын.
Жадыраган күлгүн жашка
Жарашыгын айтармын.

Бакыт-таалай, ырыс күндүн
Булагысың, келечек.
Ойлоп турсам кандай сонун,
Кубанычым келечек.

## КЫЯЛ

Ушул жыргал заманымда
Улуу Ленин таңында,
Көз жиберсем келечекке,
Күүнү кошуп жаңы ырга.
Көкүрөгүм—кубанычка,
Көңүл толкуйт жалынга.

Ойлоп-ойлоп келтиремин
Сонун турмуш элесин.
Катар минип өткөн кезде
Калың кыял кемесин!
Таалайы кең келечегим—
Көз алдыма келесин!

Жиндиленип агып жаткан
Суусун буруп Нарындын,
Таңкаларлык электрдин
Станциясын салармын.

Балбылдатып ата Ильичтин
Чырактарын жагармын.
«Кыялдарым чын болду...» деп
Кызыгына канармын.

Атырылып ээн тоодон
Агып жаткан дайралар.
Азоо жандай туткун болуп
Биздин колго байыр алар.

## ОКТЯБРЬ

Кулдардын үзүп чынжырын,
Күн ачкан сенсиң, Октябрь,
Кубарган жерди жашартып,
Гүл чачкан сенсиң, Октябрь.

Дүйнөгө нуруң жиберип,
Ойготкон сенсиң, Октябрь,
Шордуулар менен муңдууну
Сооротко сенсиң, Октябрь.

Жылкычы менен койчуну
Жыргаткан сенсиң, Октябрь.
Ыйлаган комуз, кыякты
Ырдаткан сенсиң, Октябрь.

Улут көркүн чыгарып,
Дос кылган сенсиң, Октябрь.
Уюлгуп жаткан муздарды,
От кылган сенсиң, Октябрь.

Жылдыздай жанган дүйнөгө,
Күн жасадың, Октябрь.
Ааламга нуруң чачырап,
Миң жашагын, Октябрь!

## МАЙДАН ЫРЫ

Жайнап өскөн гүл мына,
Жашыл сайма түр мына.
Жаркыраган алтын туу
Жайдар сонун күн мына.

Булбул сайрап талдагы,
Чолпон жайнап таңдагы,
Өлкөм бүгүн шаңданат:
Жыргал, күлкү майрамы.

Кызыл-тазыл кийинген
Кыз, келиндер бир сонун,
Кырка-кырка тизилген
Жаш берендер бир сонун.

Асман менен айланган
Канаттуулар бир сонун,
Жаркын турмуш сакчысы,
Жарактуулар бир сонун.

Эркелеген таалайга,
Элим бүгүн каткырат.
Эркин өсүп тапталган,
Шумкар бүгүн талпынат.

## ЖАШТЫК КЕЗ

Жаштык кез—майтарылбас алмаз курал,
Жаштык кез — көз жетпеген бийик мунар
Жадырап жер бетине гүл ачылса,
Жаркырап асмандагы күн кубанар...

Жаштык кез—чабыттаган кыраандайсың,
Жаштык кез—сайрап турган улардайсың,
Жайлоодон салкын соккон жел жапырган
Жайкалган жашыл шибер ырандайсың...

Жаштык кез—жанып турган жалындайсың,
Жаштык кез—сансыз малга табылбайсың.
Толукшуп, толуп турган кезегинде
Толкундап тоо суундай шарылдайсың,

Камыкпай каарданып чексең сапар,
Калың эл жаштыгыңды мактап айтар,
Камы үчүн калайыктын тартынбасаң,
Кайратың кара жерди солкулдатар.

Жаштык кез—жадыраган тийген нурча,
Жаштык кез — жайдарысың күлгөн кызча,
Жаралдың жаңы заман бактысында,
Жалтанбай жаштыгыңды элге жумша.

## ЖАРЫШТЫН ЖАШТАР ТУЛПАРЫ

Маржандай тизилишкен от жүрөк жаш,
Жарышып, сен да чуркап, моокумду бас,
Көмөк берип,
Болуп шерик,
Жалбырттанып, жалындуу жаш, белден аш!

Аткар толук сызган сызык, планды,
Болгун мисал бул жарышта кыл алды.
Арам канды,
Манап, байды
Көргө киргиз, көмөлөнтүп буларды!

Мелдеш, чурка чапчып жолду тулпардай,
Максатыңды куйруктагын куткарбай.
Жалбырттанып,
Кубаттанып,
Койбо бирин милдетиңди аткарбай!

## КАНАТТУУ ЖАШТАР

«Булуттуу көктүн астынан,
Муундуу чөптүн үстүнөн,
Буурулду минип учту» деп,
Жомоктон мурун укчу элек.
Ал жомок бүгүн чын болду.
Асмандан айкын жол болду.
Карчыга куштай айланып,
Канаттуу жаштар ойноду.
Моторду айдап үйрөттү,
Бактылуу кыздын колдору.
Сергиген талаа, бийик тоо,
Жеңилди жердин болжолу.

Жагалмай учуп өтпөгөн
Чөлдөрдүн бетин арыттык.
Чөл менен толкуп чалкыган
Көлдөрдүн бетин арыттык.
Уюлгуп жаткан муздардын
Үстүнө шаар салыштык.
Ааламдын баарын таң калтып.
Асмандап тынбай жарыштык.
Табына келген шумкардай
Талпынып канат кагыштык.

Жабыла элдер тыңшады,
Советтик мотор үнүнө.
Душмандын өңү кумсарды
Баатырдын учкан сүрүнө.
Жаркырап совет канаты —
Жайнады билим гүлүнө.

Таалайы үчүн адамдын
Талпынып канат жаралдың.
Түштүктөн жөнөп түндүккө
Талыкпай учуп баралдың.
Бактылуу элдин балдары
Балапан куштай тарандың.
Асмандан жоону жеңүүгө,
Ар качан, өлкөм, даярмын!

Канаттуу кылган балдарды,
Кайраттуу кылган чалдарды.
Көркүнө таптап келтирген
Шамалдай учкан шумкарды.
Урматтуу Улуу устабыз
Партияны ырдайлы!
Көгөрүп жаткан асманда
Көкөлөп учкан уландар,
Көзүнө тоскоол боло албас,
Коюлуп жаткан тумандар.
Аскалуу тоодон айланган
Большевикчил кыраандар.
Душманды сая кетирбес,
Туйгунда текөөр курал бар!

## ЖАШ БУРАК

Бир киши ырдайт:
Таасириң жаздын күнүндөй,
Таалайың тоонун гүлүндөй.
Булбулдай сайрап турганың
Бураган комуз үнүндөй!

Көпчүлүк ырдайт:
Жаш өмүрүң гүлдөтүп
Эркин өстүң, жаш бурак.
Жашчылыктын байрагын
Желпип өстүң, жаш бурак!

Бир киши ырдайт:
Тулпардай чыккан алдыга
Турмуштун даркан ардагы.
Баатыры болдуң өлкөнүн
Бактылуу элдин балдары!

Көпчүлүк ырдайт:
Асмандагы жылдыздын
Нурундайсың, жаш бурак.
Ак мөңгүлүү тоолордун
Суусундайсың, жаш бурак!

Көкөлөп учуп туйгундай
Жылдызга баргын, жаш бурак.
Лениндин туусун көтөрүп
Дүйнөгө баскын, жаш бурак!

## ЖЕЛПИНЕТ ТУУ, ЖЕЛПИНЕТ

Жер жүзүнө нур чачып,
Желбирейт туу, желбирейт,
Сайран курган өлкөдөн
Салтанат күү чертилет.
Жадырап өмүр кубанат,
Жаш баладай эркелеп!

Ай-ааламды терметип
Асман, жерден үн чыгат.
Туу көтөрүп майрамдап.
Түрүлүп калың эл чыгат.
Кубандырып көңүлдү,
Кулпунат туу, кулпунат!

Карсылдашкан майдандын,
Канын көргөн ушул туу.
Ажыдаар-желдеттин
Баарын жеңген ушул туу.
Кызыл туу дүйнө көркөмү,
Кылкылдаган кызыл туу!

Албырган тууга жарашат,
Асмандан түшкөн күн нуру.
Эркиндеп бийик үн салат
Элимдин чечен булбулу!..

Шааниси ашкан жер түрү,
Саркештеп тиккен саймадай
Бөбөктөр катар басканда

Мөмөсү бышкан алмадай,
Калкымда толгон санжырга,
Канткенде турам сайрабай!

Мавзолейдин башынан
Балбылдап күнүм көрүнгөн.
Порумдуу кызыл эл келет
Болоттон кийим кийинген.
Көкөлөп учса көп шумкар
Көргөндүн баары сүйүнгөн.

Кабылан сындуу чамынып,
Касташкан жоосун сайышкан.
Чоюндан чеби болсо да,
Чоочунбай бузуп алышкан.
Катарлап жүрсө тизилип,
Кара жер түтпөй майышкан!..

Дуулаган элдин эрки үчүн
Душманын селдей каптаган.
Берендей эргип качырса,
Беттешкен жоосу батпаган.
Гүлдөгөн жыргал өлкөнүн
Күн-түнү чегин сактаган.

Тулпары туйлап маршалдын
Ооздугун кемирет,
Туягынан от чыгып,
Тик секирип элирет.
Львовдон келген карыя,
Тамчылап жашы төгүлөт...

Көзүңдүн жашы кургабай
Көп ыйлайсың, карыя.
«Көргөнүмө канимет»
Деп ыйлайсың, карыя.
Элдин бары кубанса,
Неге ыйлайсың, карыя?

«Айланайын, чырагым,
Анча неге сурадың?
Толкундаган эл көрүп,
Токтоналбай турамын.
Картаң өмүр жашарып,
Кайра бүткөн убагым

Жапа-кайгы көп көрүп,
Жашык болуп калгамын.
Кайгыргандан ыйлабайм,
Кагылайын, балдарым!..

Жаңы дүйнө—таалай күн,
Жасап салган элим бар.
Кубангандан шолоктоп,
Ыйлай турган эбим бар.

Тоодой бакыт жериме
Толгонуна кубанам.
Кызыл аскер кыраным,
Коргонума кубанам.

Кумдай чачкан душманды
Куралына кубанам,
Чын турмушту көрсөткөн
Чырагыма кубанам.

Баатыр өскөн жашынан
Балдарыма кубанам.
Алтымышка чыкканда
Асмандатып кызыл туу
Алганыма кубанам.

Коммунисттик партиям,
Ардагыма кубанам!
Бакыт берген, нур берген
Майрамына кубанам».

## ЭРКЕЛЕТИП ЭНЕСИ

**(Жаңы жылдын ыры)**

Сакадай болгон берекем,
Садагаң кетсин энекең.
Чырм этип уйку албастан
Ырдаганың эп экен.

Ааламдын көркүн чыгарат,
Ай нуру карга жарашып.
Тамтаңдап баскан баладай,
Таалай жыл келет тан атып.

Жыттаса көңүл көтөргөн,
Жыпарысың энеңдин.
Балбылдап чолпон чыккандай,
Бактылуу күндө төрөлдүң.

Кубулжуп миң-сан күү чыгат,
Курдаштарың ырдашып.
Арчанын жыты буруксуйт,
Айлана шайыр нур чачып.

Мурутуна муз катып,
Бубакка тоңгон сакалы.
Кардан кийим кийинген,
Карачы аяз атаңы...

Береке жыргал бар бекен,
Бейпилдүү биздин өмүрдөй?
Кубаныч толкуйт өлкөдө,
Курбулуу тоонун көлүндөй.

Кооздоп ёлка жасадым,
Сайранда эркем, сайранда,
Кечикпей кабар берели
Келе турган балдарга.

Теңтуштарың келгенде
Тентегирээк болбогун,
Обонуң катуу чыгарып,
Ойногун, эркем, ойногун.

Атылып чыккан булактай,
Алдыңда таалай кенчи бар.
Бактылуу кандай балалык,
Баарыңа жетер энчи бар.

Ардагың, атаң партия,
Арнагын ага ырыңды,
Толкуган күлкү, шат менен
Тосуп ал жаңы жылыңды!..

## ГҮЛ ТУРМУШ

**(Москвада өткөн кыргыз искусствосунун декадасында ырдалган )**

Гүл турмушта жадырап,
Күлө турган кез ушул.
Күн нурунда сайрандап,
Жүрө турган кез ушул.

Эл достугу аскадай,
Бузулбаган кез ушул.
Эркин учуп туйгундай,
Кыз ырдаган кез ушул.

Тоонун жашыл гүлүндөй,
Өмүр өскөн кез ушул.
Толкуп жаткан деңиздей,
Көңүл өскөн кез ушул.

Түркүн гүлү таалайдын
Түбөлүккө ачылган,
Гүлгө нурун жиберген
Компартия акылман.

## АЙТАМЫН АЛКЫШ ЭЛИМЕ

Тумшугумду сен сыгып,
Туягымды сыдырдың.
Маңлайдан сылап алпештеп,
Балапан элем учурдуң!..

Балкыган күндөй нур берип,
Бактыга арнап өстүрдүң.
Чырпык элем солкулдак.
Чынарга боюм жеткирдиң!..

Күрөшкө салсаң торолдум,
Күчүмө келип оңолдум.
Эркелеп тоонун желиндей,
Эмчегиң эмип чоңойдум!..

Ак мөңгү жаткан адырдын,
Арасында туулдум.
Ар убак көңүл шат жүрдү,
Агынындай суундун!..

Келбетим нурга кирипди,
Кетирдиң жуккан киримди,
Улардай сайрап жүрсүн деп,
Үйрөттүң ширин тилиңди!..

Жүрөктү ырга сугарып,
Зулпукордой таптадың.
Таалайым элим сен үчүн,
Садага кетсин жаш жаным!..

Байгеге салсаң чыгайын,
Балбанга салсаң жыгайын.
Ушунча багып өстүрдүң,
Уулуңдун көргүн убайын!..

«Угулуп көпкө жетсин» деп
Үнүмдү созуп ырдадым.
Айтамын алкыш кыргызга
Сөзү менен Сырганын.

«...Асылса душман бузалбас,
Аскадай таалай тургузган,
Алдынан чыкса калың жоо
Арстандай чапчып ыргыткан.
Алдейлеп мени өстүргөн,
Айланамын кыргыздан...»

*41-жыл.*

«Ыракмат» деген кур сөз го,
Ырасы менен айтпаса,
Өмүрүң көргөн түшкө окшойт,
Өзгөлөр сени мактаса.

Атакка, даңкка кызыксаң,
Адамга болбой үлгүлүү,
«Ала көөдөн, акмак» деп
Артыңдан айтар бир күнү.

Кошомат кылуу, жойпулук,
Кор кылар бир күн сени айдап.

Элиңе кылгын кызматты
Эмгегине бел байлап.
Күнүмдүк ойноп жыргасаң,
Кайгыдан жаман, түшүнгүн.
Болбогон ишке чарпылып,
Мокотпо курчун күчүңдүн.

Жан алгыч кыстап турса да,
Жан берип жатып эл дегин.
Жар ташка бекем көмсө да,
Жалганга кетпес эмгегиң.

*41-жыл.*

## АНТЫМ

**(Боецтин ыры)**

Жан алгыч салып тырмагын
Жазыксыз кандар төгүлдү.
Ажыдар сойлоп жеримде,
Ажалдын чогу төгүлдү.
Колума курал кармадым
Коргоого тууган элимди.
Алдейлеп баккан журт үчүн
Арнадым кырчын өмүрдү!..

Касташкан кара душманды,
Катпаймын жүргөн кыянча.
Качырып жоого тиемин,
Кадимки Манас кыраанча.
Арманым калбайт дүйнөдө
«Актадың антың балам» деп
Артымдан калкым кубанса!..

Талкалайт, элим, жооңду
Тапшырып берген куралың.
Жыргалга кастык кылганды
Жыландай жанчып, кырамын,
Кастарлап багып өстүргөн
Калайык мени сынагын.
Өчүңдү алып бербесем,
Өмүрдө, калкым, ичирбе
Өрүштүн салкын булагын...

Көйкөлгөн ыраң шиберде
Көпөлөк kyyп өскөмүн.
Таңкы жел коштоп көңүлдү
Таалайдын күүн черткемин.
«Садагаң, балам, эркинче
Сайрандап жүрүп өс» дедиң,
Калайык ошол жыргалды
Канткенде актап кетпейин!..

Айбыгып качсам душмандан
Артымдан элим каргагын.
Көмүлбөй сөөгүм чирисин,
Көмүүгө басып барбагын.
Карга учбас какыр чөлдөрдө
Каңгырап жүрсүн арбагым.
«Ал коркок, атам эмес» деп
Атымдан тансын балдарым...

Ажалдан башым тартпастан
Ата журт үчүн жан берем.
Калтырап коркуп тургудай
Кайратсыз өскөн жан белем.
Абалдан ата салт ушул—
Адамдын көркү ар менен

Ар үчүн өлсө эр жигит
Айтылып элде калганы.
«Атакем баатыр болгон» деп
Артынан айтар балдары,
Канча жол кылым өтсө да,
Калкынын болор ардагы.

*29/IV-42-жыл.*

## КЫРГЫЗДЫН АЛА-ТООСУ

Жайы-кышы кетпеген
Мөңгүсү бар, Ала-Тоо.
Асман менен тирешкен
Белгиси бар, Ала-Тоо.

Балдан ширин туптунук
Булагы бар, Ала-Тоо.
Тукабадай кулпунган
Тулаңы бар, Ала-Тоо.

Аскалардан ышкырган
Улары бар, Ала-Тоо.
Ак пактадай чубалган
Туманы бар, Ала-Тоо.

Ала барчын курч текөөр
Бүркүтү бар, Ала-Тоо.
Таштан-ташка секирген
Түлкүсү бар, Ала-Тоо.

Ала-Тоонун арасын
Айбандары жойлогон.
Аюу, жолборс, сүлөөсүн
Аралашып ойногон.

Кекилиги, чилдери,
Кызыл-тазыл гүлдөрү,
Көңүлүңдү көтөрөт
Куштун салган үндөрү.

Жаркыраган күмүштөй
Кары сонун, Ала-Тоо.
Салкын жели бетке урган
Таңы сонун, Ала-Тоо.
Жаш бетеге оттогон
Малы сонун, Ала-Тоо.

Куйрук жалы төгүлгөн,
Кулан сындуу семирген.
Жүгүргөнү шамалдай,
Кулун-тайы элирген,
Жылкысы бар, Ала-Тоо.

Алтын, күмүш эшилген
Кендериң бар, Ала-Тоо.
Көздөгөнүн койбогон
Мергениң бар, Ала-Тоо.
Душман жойлоп өтпөгөн
Чебиң сонун, Ала-Тоо,
Тулку бою темирдей
Элиң сонун, Ала-Тоо.

Партия деп ырдаган
Үнүң сонун, Ала-Тоо,
Көрсө көңүл кубанган
Түрүң сонун, Ала-Тоо.

Комуздарын сайраткан
Ырчыларың, Ала-Тоо,
Аска менен жүгүргөн
Уучуларың, Ала-Тоо.

Балбылдаган көздөрү
Кыздарың бар, Ала-Тоо.
Асман менен айланып
Учканың бар, Ала-Тоо.

Канча кылым картайган
Жашардың го, Ала-Тоо.
Кайгы кетип ичинден
Тазардың го, Ала-Тоо!

Ай-ааламды асмандан
Тең карайсың, Ала-Тоо,
Алтын нуруң жиберип
Сен карайсың, Ала-Тоо.

## ИСПАН БАЛАСЫНЫН ЫРЫ

**Испаниянын баатыр эли өз теңдиги үчүн, демократтык республика үчүн реакциячыл капиталисттер менен күрөшүүдө. Фашисттердин бомбасы Испаниянын шаарларын, кыштактарын кыйратып, балдарды, аялдарды, тынч жаткан элди өлтүрүп жатышат. Испаниядан Советтер Союзуна келген балдар бизде эң сонун багылып, ойноп-күлүп окуп жатышат.**

Булбулу талдан таңшыган,
Бүркүтү көктөн шаңшыган.
Күмүштөй нурдун көркүндө
Гүлдөрү жайнап аңкыган.

Жемиши бышып төгүлгөн,
Жер калбай эгин эгилген.
Макмалдай чөбү кулпунуп,
Малдары туйлап семирген.

Токойдон сайрап чымчыгы,
Тоту куш, күкүк ырчысы.
Тамаша күлкү айланаң,
Шамалдай күлүк жылкысы.

Tулаңы толкуп эшилген,
Камышы көккө жетилген.
Эркиндеп өскөн бардыгы,
Эч качан кетпес эсимден,
Жер сонуну мында экен.

Бирине-бири куйүшкөн,
Бир тууган жандай сүйүшкөн.
Жаралган таалай—миң булак,
Жадырап ойноп жүрүшкөн.

Жыргаткан бардык өлкөнү,
Жылдызы дүйнө көркөмү.
«Жолдош» деп назик сүйлөшкөн,
Шипширин сонун сөздөрү.

Турмушта таамай касташкан,
Душманын жеңип таштaшкан.
Өркүндөп өскөн өлкөнүн
Өрүшүн тегиз сакташкан.

Баарысы баатыр шыманган,
Баарысы шайыр кубанган.
Кызыктуу майрам, сайран күн,
Кыпкызыл алтын туу алган
Эл сонуну мында экен.

Бирге ырдашкан, бир күлгөн,
Бирге ойногон, бир жүргөн,
Кубандырып көңүлдү
Кучакташкан биз менен,
Курбуларым мында экен.

Алдейлеген энемдей,
Ардактаган жеңемдей,
Ач калтырбай, ток кылып,
Алпештеген эжемдей,
Апаларым мында экен.

Көлдөй толкуп кубандым,
Гүлдөй өсүп буралдым.
Большевиктин шаңында
Баатыр болуп чыгармын.

Таалайы үчүн элимдин
Күрөшүүгө барармын.
Фашисттерди талкалап,
Зор майданды салармын.

Эжемдердин көркү үчүн,
Энемдердин эрки үчүн,
Асман менен учайын,
Кулдук торун бузайын!

## БИР КАЙЫҢ

Өткөн жазда мен көргөндө жаш элең,
Кырчын кезиң, менден боюң пас элең,
Быйыл көрсөм көкөлөпсүң, өсүпсүң,
Бутагың көп, бураң бойго жетипсиң.
Сен дагы өскүн, мен да өсүп гүлдөйүн,
Ойноп күлүп, өмүрүбүз бир өтсүн.

## БУЛБУЛ

Өткөн жазда сайрачу элең кайыңда,
Өлбөй тирүү келгениңе шаттанам.
Амансыңбы, көңүлүмдүн курбусу...
Учурашып жүрчү элек го бакчадан.

Эзилишип жаным сүйгөн жар менен,
Эсиңдедир, жылуу түндө отургам.
Сыр алышып, назик үнүң күлкүгө
Кубулжуган сенин үнүң кошулган...

Ошол күүм кулагымдан кеткен жок,
Өмүр, достук, кубанычты ырдадың.
Мактап айттың балдан ширин тил менен
Коюндашып кошулуунун жыргалын.

«Бактылуу бол, өмүр бою» дегениң,
Орундалган ошондогу тилегиң.
Ай чыгарда сыр чечишкен жар менен
Ойноп-күлүп ыракатта жүрөмүн!

Сагынышкан тааныш курбум келипсиң,
Салам берип, куттуктаймын атайын!
Таңшып мени кубандыра сайрачы,
Таңкы желде тереземди ачайын!

Бешиктеги сага окшогон булбулум
Үн чыгарсын, сен да кошкун үнүңдү.
Түгөлүнөн бирин койбой үйрөнсүн,
Дүнүйөнү тамшандырган тилиңди!

Жаш бурактай түнкү желде сергиген
Жаңы ачылган бакта гүлдөн тандагын.
Ай-ааламга таттуу күүң угулсун,
Айдат, булбул, аземдетип сайрагын!

# Тамсилдер

## КҮЗГҮ КӨПӨЛӨК

Жазында жүргөн талаада,
Учу жок эркин санаада.
Өпкөнү кызыл гүл болуп,
Ойногон күлгөн жана да.

«Эркеси жаздын мен» деген,
Санаага башка келбеген...
Жалгыз гана көкөлөп
Канатын күүлөп желдеген.

Көңүлүн ачып гүл тандап,
Назданып жазга тайрандап,
Эркиндеп учкан серүүндө
Эркеси жаздын сайрандап.

Кумурсканы айрөктөп,
«Эмне керек эмгек?» — деп,
Кубалашып асманда
Керели кечке делбектеп.

Кетип да жаздын жыргалы,
Чамынып аяз ырдады.
Эмгекти кылган ысыкта
Кумурска азыр жыргады.

«Канатың тешик, ыйладың,
Маалында эмгек кылбадың.
Эркелеп жаздын койнунда
Тандадың гүлдү, жыргадың.

Азыр да калдың алсырап,
Кумурскадан нан сурап.
Кубалап бороон жекирди,
Кычырап тиши зыркырап.

Куруду айлаң эмгексиз,
(Калдыңбы эми эрмексиз?)
Аяздын кеттиң каарына,
Кылычтуу-кандуу уулуу тиш.

Кумурска эмгек көтөрөт,
Көпөлөк күлөт — эркелейт,
Канатын шамал кубартып,
Күз болгондо энтелейт.

## ТОРГОЙ МЕНЕН ЖАГАЛМАЙ

### I

Чабыттан жемин табалбай,
Куюндап соккон шамалдай,
Канат сермеп, бук болуп
Келатты учуп жагалмай.

Айланды тоону беш жолу,
Асмандан жолу болбоду.
Канаты талып алсырап,
Конууну талга ойлонду.

Капыстан учту тал жактан,
Жалдырап карап жан-жактан,
Бутага барып конордо
Торгойду көрдү шыбактан.

Бетеге, шыбак ичинде,
Уясынын четинде.
Комузун толгоп, күү сайрап,
Отурган торгой кечинде.

Жагалмай көрүп кубанды,
Ойлогон жок убалды.
Канатын күүлөп шамдагай,
Камдады тырмак куралды.

Сайраган торгой туйбады,
Пааланап коргоо кылбады.
Аңгыча болбой мыкчыды
Жагалмайдын тырмагы.

Адашып торгой акылдан,
Туткунга түшүп капылдан,
Беш бала калды уяда —
Мээнетти тартып жашынан.

Жалбарып торгой ыйлады,
Жалынып мактап ырдады:
«Куш төрөсү, жагалмай,
Куткарчы мени, жебечи,
Балдардын күнү не болот,
Байкоосуз өлсө энеси?

Балдарымды өстүрүп,
Асман менен учуруп,
Анан кийин өзүңө
Жем болоюн тутулуп.

Куш асылы сен элең,
Ырчы торгой мен элем
Атагыңды мактайын,
Талбай сайрап жаттайын.

Жем керек деп сен келсең,
Жашынбайын, качпайын,
Азыр төкпө канымды,
Аман койчу жанымды»

Торгойдун айткан арманы,
Жагалмай кулак салбады.
Кетирип шайын торгойдун
Бүткөн боюн кандады.

Аскалуу тоону капталдап
Жагалмай келет асмандап.
Кайгып келип олтурду
Сары ташты акмалап.

Уу тумшугун батырып,
Жегени калды качырып.
«Жан соогалап» жалдырап,
Жалынды торгой асылып.

Жалбарган зардуу ал үндү,
Койчуман угуп жүгүрдү.
Койчунун үнүн укканда
Туткунда торгой сүйүндү.

Шак этип таяк тийгенде,
Жагалмайдан жан кетти.
Өлүмдөн калып шаттанып,
Көкөлөп торгой ал кетти.

Балдарын алды торолтуп,
Төшүндө тагын жоготуп,
Койчуманды ыр кылды
Санжыргага боёлтуп.

Агарып аткан таң менен,
Аземдүү сонун шаң менен,
Асмандан торгой сайрады
Арманы, муңу калбады.
Мактаганы, айтканы —
Койчумандын таягы.

## ЖЫЛАН МЕНЕН БАКА

Ийнинде жаткан жылан сойлоп чыкты,
Ийрилип, суу жээктеп жойлоп чыкты.
Топтошуп суу четинде чардап жаткан
Жутууга бакаларды ойлоп чыкты.

Аралап жашыл чөпту келе жатты,
Астыртан бака сууга кире качты.
Арбоого ал баканы амал менен,
Айлакер жылан дагы сөзүн айтты:

«Бака-бака балчак,
Башың неге жалпак?
Баатыр бака болсоң да
Башкалардан жалтак.

Бутуң неге ийри,
Көзүң неге тосток?
Дос болобуз экөөбүз
Сыр алышып турсак.

Ийри-буйру бутуңду,
Түз кылайын, оңдоюн,
Жутам десем досумду
Өмүрүмдө оңбоюн.

Тосток болгон көзүңдү,
Оң кылайын, эмдейин.
Жалпак башың оңолот,
Ансыз неге кел дейин.

Көркүң чыгып жайдары
Сулуу бака болосуң.
Көрүнгөндөн жашынып,
Коркконуңду коёсуң.

Келгин, бака, жаныма,
Бир берейин батамды.
Бардык күчтү жумшайын
Сактап жүргөн качанкы».

Сыр чечип, айтканына көндү бака,
Жылмайып суу ичинен күлдү бака,
Жылуу сөз укканына сүйүнгөндөн
Жыланга тилек менен келди бака:

«Туулганы[1] көп кийип,
Башым жалпак болуптур.
Жайдак атка көп минип,
Бутум ийри болуптур.
Кароолду көп карап,
Көзүм тосток болуптур.

Ушул көздөн уялып,
Суудан чыкпай жүрөмүн.
Ушул буттан уялып,

---

1 Туулга — баатырлар согушта кие турган темирден жасалган баш кийим.

Жерге баспай жүрөмүн.
Ушул баштан уялып,
Элге батпай жүрөмүн.
Эгер бутту түзөтсөң,
Айтканыңа көнөйүн.
Башымды өйдө көтөрүп,
Бир көркүмө келейин.
Эгер көзүм оңдосоң,
Бүт дүйнөнү көрөйүн.

Көмөк көрсөт жакшылап,
Достугуңду билейин.
Жандан коркпос эр болуп,
Жайдары басып жүрөйүн.
Кулаалынын, күйкөнүн
Бир азабын берейин».

Деп айтып бака сууда чардай берди,
Оп тартып аны жылан арбай берди.
«Ал эми батаңды бер» деген кезде,
Арбаңдап бака оозуна кирип келди.

Умтулуп сойлоп келип жылан жутту,
Баягы түзөйм деген ийри бутту.
Бакырып бака шордуу эстен танып,
Басылбай бир кыйлага ыйлап жатты.

«Дос элек, жутпа мени, калтыр»,—деди,
«Бузбагын досчулуктун салтын», — деди.
Аңгыча алкымына жутуп алып,
Акырын жылан ары сойлоп кетти...

## ТҮЛКҮ МЕНЕН БӨДӨНӨ

### I

Шибер чөп маалим кылат жай мезгилин,
Жел эзип экилентет суу эпкинин.
Күн батып... күүгүм кирип, жылдыз чыгып.
Жамынды көөдөй кара түн кепинин.

Күн бою бир бөдөнө быт-был уруп,
Алдагы түн түшкөндө калды тынып.
Жорголоп, корккон жүрөк тайдай туйлап,
Жол бою бетегеге кирди жылып.

Пааналап жел эркеси жашыл чөптү,
Кетпестей түнгө сактап чексиз кекти.
Ой бийлеп, кыял белден баскан кезде,
Үргүлөп татты уйкуга кирип кетти...

## II

Ачкарын түлкү жаткан ичтен тынып,
Узун күн, үңкүргө да ташка багып.
Козголду ал ордунан кирип кыймыл,
Түн катып сапар чекти жемге чыгып.

Ар күнү өтүп жүргөн ушул жолдон,
Кээде кур, кээде тоюп жолу болгон.
Ушул түн адатынча келет жортуп...
Жыт издеп тумшук кагып оңду-солдон

Аярдап шилтеп келет түлкү бутту,
Кээ кезде бырпыратат түрлүү кушту.
Кур шимшип, кур алакан болгон кезде,
Кош таноо биле койду жылуу жытты.

Кубанды кымыңы этип түлкү күлүп,
Шум түлкү жем тапканда кандай күлүк.
Уйкуда камсыз жаткан бөдөнөнү
Шып этип арсак тиши кетти илип.

## III

Жаман иш көрүп жаткан ал түшүндө
Туткунда эки буту бек кишенде...
«Пыр» этип чочуп кетип көзүн ачса.
Кармалган шум түлкүнүн уу тишинде.

Жалбарды жан соогалап түркүн-түркүн,
«Жан кыйба, дүйнө берем, түлкүм, түлкүм».
Канчалык амал менен жалынса да,
Көнбөдү ал айтканда кыйды түлкүң.

Жалдырап бөдөнөнүн эки көзү,
Тытылып ийне тишке кандап төшү.
Жалбарган туткун жандын арыз муңу,
Жана да сайрап турган ширин сөзү.

## IV

Түлкү айтты: «Амал менен тойгуз мени
Болбосо кебек кылып жеймин сени».
Бөдөнө жымың этип жалпаңдады:
«Менде бар агып жаткан тамак кени.

Мен учам белги берип, быт-быт уруп,
Сен чурка, ачпас кылып көздү жумуп.
Бир убакыт мен айтамын, «ач көзду деп,
Калабыз кен тамакты туштап чыгып».

Маакулдап бөдөнөнүн айткан сөзүн,
Ырсайтып бычак тишин, жумду көзүн.
Бөдөнө ичтен айтып учуп кетти:
«Алдадым, кара ташты түлкү жесин».

## V

Бөдөнө учуп келет белги берип,
Шум түлкү чуркап келет эрип-эрип.
Алыстан агарып таң сүргөн кезде,
Туш болду бүркүтчүгө булар келип.

Бүркүттүн томогосун сыйрып алды,
Бүркүт да оңурандап карап калды.
«Ач көздү эми, түлкү» дээр менен,
Куушуруп бүркүт келип тырмак салды.

Чыңырып түлкү жатты жерди тырмап,
Жан арга, тыбырчылап куйрук булгап.
Каткырып кээде күлүп, кээде пыр-пыр,
Бөдөнө учуп кетти сайрап, ырдап.

Кутулду бир ажалдан туткун карып,
Амалдап куу зулумду көйгө салып.
Бүркүтчү олжолонуп кайра кайтты,
Терисин шум түлкүнүн сыйрып алып.

Ырсайып элсиз жерде калды түлкү,
Өлүмү башкаларга болду күлкү.
Жетти го куйтулугу өз башына,
Кыйнаган бөдөнөнү кече түнкү.

Түрдөнүп эски жүнү калган түлөп,
Кээде шат, кээде сайрап, кээде күлөт.
Жок кылып шум түлкүнү амал менен,
Бөдөнө жомок кылып ырдап жүрөт.

*1929-жыл.*

## МЫШЫК МЕНЕН МАЙ

Ачка мышык мыёолоп үйгө кирди,
Аңдып келип илинген майды көрдү.
Ууртунан шилекейи чубуруп кетип:
«Эми мына тойгуча жеймин»,— деди.

Жетүү үчүн асылып көп тырмышты,
Жете албады. Чарчады. Үйдөн чыкты.
«Сасып кеткен май экен, ким жесин» — деп,
Шашканынан калп эле сүйлөп чыкты.

## БУЛБУЛ МЕНЕН ГҮЛ

Булбул: Сен болбосон менде тил жок,
Сайрай албай кетемин.
Гүл: Сен болбосоң менде күн жок,
Саргаямын, өчөмүн.

Булбул: Сайрап турган ушул күүм,
Жарашыктуу сен менен.
Гүл: Жайнап турган ушул күнүм,
Таттуу чечен тил менен.

Булбул, Гүл: Жадыраган бул турмуштун,
Эркеси биз, көркү биз.
Сен жайнагын, мен сайрайын.
Саймалансын өлкөбүз.

*19/IV-37-жыл, түн.*

## КУЛААЛЫ

Талааны, ойду кыдырып,
Салпактап учуп эңиштеп,
«Кушмун» деп ойлоп бул дагы,
Кулаалы чыкты жем издеп.

Чабыттап алыс кетпеди,
Чаалыкты жемге жетпеди.
Салпылдап кайып келатып
Шумкарды көрдү көктөгү:

«Канткенде коркуп турайын,
Канатым болсо менин да.
Амалын таап сермесем,
Ал шумкар менин жемим да».

Аңдоосуз келип кулаалы
Артынан тийип өттү эле.
Ажырап түштү канаты,
Айланып шумкар тепти эле.

*3/VIII-41-жыл*

## САГЫЗГАН САКТЫГЫНАН ӨЛБӨЙ—СУКТУГУНАН ӨЛӨТ

Сай жакалай сагызган
Салпактады эңиштеп.
Кекең-кекең жорголоп
Келе жатты жем издеп.

Көк жылгага жолукту
Көк шибери көйкөлгөн.
Жергеси толгон калың бак,
Жемиши бышып эңкейген.

Ээлеп ушул жемишти
Консом, деди сагызган.
Эрким менен той-тойлоп
Тойсом, деди сагызган.

Шум сагызган шектенип,
Кайра качты артына.
Тыялбастан напсисин
Түштү суктук наркына.

Эки көзү кызарып,
Алкы шумдун бузулду.
Бакта бышкан жемишке
Башын салып жутунду.

Жемиш эмес мойнуна
Кылтак түштү муунду.
Сактыгынан өлбөстөн,
Суктугунан кырылды.

# Поэмалар

## ЧЕПТЕН ЭРДИН КҮЧҮ БЕК

Байыркы бир заманда эл бар экен,
Өзүнчө эркин ээн жашап турган.
Багында булбул сайрап, гүл жадырап
Башкача, сонун жерди мекен кылган.

Ар жылы күчтүү жоолор каптап кирип,
Талоонго салат экен мүлкүн, малын.
Ойрондоп эчен кымбат ордолорду,
Олжолоп алып кетип сулууларын.

Кордугу душмандардын жанга батып,
Бир күнү кеңешүүгө эл чогулду.
Бардык күч, бардык мүлкүн зарып кылып,
Жоо өткүс бекем чепти курмак болду.

Айлантып кең өлкөсүн дубал куруп,
Киришти эмгегине күн өткөрбөй.
Көтөрүп пай дубалын келген кезде,
Кайрадан кулап түшөт жар көчкөндөй...

Калың журт кайгыланды, кансырады...
Катардап көтөрө албай пай дубалды.
«Себебин бул укмуштун ким табат»—деп
Ырчылар жар чакырды, күүгө салды.

Бири айтты: «Асыл таштан койгун»— деди.
Бири айтты: «Ак боз бээни сойгун»— деди.
Асыл таш, алтын менен койсо дагы,
Токтобой дубал көчүп кулай берди...

Тартышты капаланып калк убара,
Ойлонуп табалбады көп улама.
«Мен чечем бул түйүндү»—деп сүйлөдү
Жылаң бут, ак сакалдуу бир карыя.
Карыя токсон жашка келген экен,
Кыдырып бүт дүйнөнү көргөн экен.
Акылы алмаз менен болоттон курч,
Алыскы бир ажайып жерден экен.

Качанкы чечилбеген сырды угууга,
Калайык жабылышып кулак түрдү.
Сакалын оң кол менен сылап алып,
Салмактуу коргошундай сөзгө кирди:
«Калп болбойт карыяңдын айткан кеби
Калайык, акылыма көнсөң — деди,
— Түк көчпөйт бул дубалың кылым бою
Тирүүлөй бир кишини көмсөң»,—деди.

Башка сөз айтканы жок, басып кетти
Карыя кайырдашып колун булгап.
«Кандай» деп эки жолу сурабастан
Баштарын жерге салды эл тунжурап...

«Кайсы эр бул кызматка чыгар экен.
Бул дубал эр канына кумар экен?»—
Деп ырдап бир топ ырчы элди айланып,
Күн бою жар чакырды эчен-эчен...

Бирөө да «мен чыгам» деп сөз катпастан,
Мостоюп карап турду дудуктанып.
Обдулуп он үч жашар бир жетимче
Сүйлөдү жаман тонун чечип салып:
«Уктум да шашкан бойдон келдим — деди,
—Мен даяр тезден гана көмгүн эми,
Арманым дүнүйөдө эч калбайт го,
Жарасам керегине элдин!»—деди.

Жаш бала пай дубалга барып турду,
Көпчүлүк күрөк менен чачты кумду.
Аңгыча алсыраган, жалбарыңкы
Боздогон муң, кайгылуу үн угулду...
Бир караан шашып, чуркап келет экен,
Бул караан жаш баланын энеси экен.
Атадан жетим калган жалгыз уулун
Алпештеп айнегим деп эркелеткен:

«...Кулунум, кучактайын мында келчи,
Куураттпа карыганда апакеңди!
Көмбөгүн, жалгызымды көмбөгүн» — деп
Көзүнөн жаш куюлуп ыйлап келди...
«...Ыйлабай көз жашыңды тыйгын, эне,
Ырайым жетимиңе кылгын, эне.
Жаныңдан артык көргөн тууган элдин
Жалгызың жарап кетти керегине...

Уулуңдун убайын көрөм деп тиленип,
Ушундай ишке арнадың бакпадыңбы.
«Эркетай, элиң үчүн курман бол» — деп,
Эч качан унутпаймын айтканыңды!..»

Энеси элге карап сөз баштады
Маанисин байкап туруп айткан кептин:
«Ата журт кызматына жанды берип
Айланам, ак сүтүмдү актап кеттиң!»

Жалбарды жалгызына беттен өптү,
Аарчыды жашка толгон эки көздү.
Колуна күрөк алып кайрат менен
Көмүүгө баласына кумду септи...

«Энеке, бул кылганың адамчылык
Жүрөгүң акак, бермет таштан тунук.
Өтөбөй калайыктын бир кызматын
Жүрбөймүн жер бетинде адамсынып...»

Коштошуп өбүшүштү эне-бала,
Кайраты бул экөөнүн ташкан дайра.
Кум толуп алкымына келген кезде
Шып этип жетип келди да карыя:

«Көмбөгүн бул баланы ачкын, — деди,
Чеп курбай үй-үйүңө кайткын, — деди,
Көтөрбө чеп коргондун кереги жок
Кордукка мындай балдар бербейт элди.

Киришсе ким да болсо чеп тургузат,
Чеп — ылай, каптап кирсе душман бузат.
Балдарың баары ушундай өсүп турса
Багынтып бул жүрөктү ким коркутат?!.

Черди жаз. Тепкин шапар. Кургун сайран,
«Чеп жок»— деп, кайгы тартып кам санаба,
Кандай жоо басып кирип баш ийдирмек
Турганда мындай эне, мындай бала!..»

## АТКАН ТАҢ

Күзгү түн... Кара бороон согуп турду,
Карышкыр капчыгайдан улугандай.
Түрүнүп эки этегин түн терметип,
Бир караан келе жатты тыным албай.
Көзүнүн нуру азайып, иреңи өчкөн
Көп кайгы, көп азапты тарткан жандай.

Көтөргөн аркасында жаш баласы,
«Атаке ач болдум» деп ыйлап келет.
Алыс жол... Айланасы ээн талаа...
Бүлбүлдөп ар кай жерден от көрүнөт.
Туйгандай бир укмушту алды менен
Абалап алда кайдан иттер үрөт.
Аңгыча бороон токтоп, жел ышкырбай,
Көшүлүп тынчып берди түн мемиреп.

«Алсырап көөнүм айнып барам,— деди —
Арыдым... Айланайын, балам», — деди —
Ээн чөл... арманда өлгөн энеңди ойлоп,
Эзилип эт жүрөгүм элжиреди.
Өкүнүп жабыр тартып жүрсөм дагы,
Үмүттөн күдөр үзбөйм өмүрдөгү».

«Тобокел — эр жолдошу» деген кеп бар,
Каралдым, качан болсо кайраттуу бол.
Күүлөнүп бакыт кушу эргип учса,

Күйүткө бизди салган күн жоголор.
Ар качан тагдыр салса чыдаш керек
Адамзат бирде тайып, бирде оңолор.

Адамга кайрат болот үмүт деген,
Үмүттөн таалай багы өсүп, өнгөн.
Дүйнөдөн кайгы менен өтүп кетер
Кармашып душман менен күрөшпөгөн.
Тоо бузуп топон суу каптаса да
Тосуп тур көкүрөктү кебелбестен...

Агарды кара чачым көптү көрдүм,
Башымдан далай шумдук күн өткөрдүм.
«Атакем айтып кеткен акылы» — деп,
Ар качан, жаным балам, эстей жүргүн!..

«Уйку алып тыныгалы» деген кезде
Угушту арка жактан ат дүбүртүн.

«Мынакей жакындады ат дүбүртү,
Алдагы жолоочудур жүргөн түнкү.
Карыптык баштан өткөн адам болсо,
Кайырсыз кантип таштап кетсин бизди».
Кубарган карыянын беттерине
Кубаныч нуру балкып кан жүгүрдү.
Жейрендей куугун жеген талаадагы,
Желдирип бир топ атчан жете келди:

«Сырыңды айт өлбөй тирүү жүрөм десең,
Сен кимсиң ээн жерде түндө баскан.
Кеп ташып кызылдарга кызмат кылып,
Келатпа тыңчы болуп тигил жактан.
Каларсың балаң менен көмүлбөстөн,
Башыңды кылыч менен кыя чапсам».

«Жок, мен бир дүйнө зарын тарткан жанмын,
Алыстан азап чегип келатамын.
Аялым ачкалыктан кыйноодо өлдү,
Жарына боз дөбөнүн жашыргамын.
Жабыгып араң жүргөн абышкага,
Андай деп катуу тийип асылбагын»

Камчы үйрүп карыяны ортого алып,
Балдырап эки офицер күбүрөштү.
Артынан катуу куугун келаткандай

Башкасы шашкан бойдон жолго түштү.
«Элсиз чөл... каргаларга жем болосуң»
Эңкейип кылыч менен шилтеп кетти.

Кара жер соруп жатты каадасынча
Карыя эстен танып аккан канды.
Чыңырып жаш баланын ыйлаганы,
Талыкшып турган түндүн тынчын алды.
Жаралуу кучтөн кетип жан бергенде...
Жамгырдай нур төгүлдү... таң агарды...

Жыл өттү... Ай артынан айлар чубап,
Толкундай шамал кууган деңиздеги.
Эңгиреп ээн чөлдө калган жетим
«Эл чети, жоо бетине» барган кези.

Бир күнү дем алышка бара жатып,
Баягы атасы өлгөн жерге келди.
Томсоруп ойго батып турган чакта
Токтобой көзүнөн жаш имерилди.

«Алпештеп, жалгызым деп баккан атам,
Жазыксыз каран түндө каның тамган.
Зарылтып жетимдикте кор кылбастан
Заманам алдейлеген, багып алган.

Бекерден чачылган жок сенин каның,
Беттешип сан душмандан өч алгамын.
Туулуп жер жүзүнө жаңы дүйнө
Түн кетип түбөлүккө аткан таңым!..

Жаркырап дүйнөгө жанып турган.
Жаралган сөлөкөтү көктө нурдан.
Булагы соолбогон адамзаттын,
Бузулбас түбөлүккө таалай курган
Атабыз партияга жаным курман!..»

## КЫЗДЫН КАНАТЫ

(Поэмадан үзүндү)

Асманда сызып баратып
Алдына Сырга карады.
Жаштыкта өскөн тааныш жер
Жазбастан баарын санады. —

Көчкөндө жүктөр кулаган
Кыяны Сырга тааныды.
Көгүчкөн салган көк жарга
Уяны Сырга тааныды.

Жыландай жаткан ийрилип
Жолдорду Сырга тааныды.
Күүгүмгө чейин гүл терген
Жондорду Сырга тааныды.

Жашынмай ойноп, бекинген
Таштарын Сырга тааныды.
Алдастап булак аскадан
Акканын Сырга тааныды.

Жашында ойноп жүргөн жер
Шаттыкка салды Сырганы.
Чабытта куштай айланып,
Шаңданып Сырга ырдады:

«Жомокто ишти чын кылган
Керемет менин заманым.
Ак кептер учуп жетпеген
Асманда кетип барамын.

Кыбырап жүргөн жаныбар
Кызыгып мага карагын...
Көк зоодон эргип чуркаган
Кийиктер мага карагын.

Көз жетпей көккө чиренген
Бийиктер мага карагын.
Күнчүлүк жерге талбаган
Күлүктөр мага карагын.

Асылса душман бузулбас
Аскадай таалай тургузган,
Алдыңан чыкса калың жоо
Арстандай чапчып ыргыткан,
Алдейлеп мени өстүргөн
Айланамын кыргыздан».

Салкындап соккон шамалга
Жайкалган жайдын тулаңы.
Жадырап гүлдөр ачылып,
Жайлоонун толгон убагы.

Булутсуз асман көгөрүп,
Толкунсуз көлдөй көрүнгөн.
Колхоздун айлы мемиреп
Күн нуру көктөн төгүлгөн.

Күркүрөп жаткан дайранын
Кулагың тунат шарына.
Чар тарап толуп жайнаган
Жайылып жаткан малына.

Айыл четинде өргөөнүн
Ичинде элдер топтогон.
Кыңкыстап алсыз үн чыгат
Кыйналып жаны онтогон.

Оорунун башын жөлөгөн
Карыя баткан кайгыга,
«Кантейин, эмне болом» — деп
Кабарды салган айлына

Кемпирдин кетип шайманы,
Үзүлүп кете жаздады.
Алакай көзүн алайтып,
Арманын айта баштады:

«Карыганда төрөлгөн
Сыргамды көрбөй өлөмбү.
Карыган өмүр жашарган
Жыргалды көрбөй өлөмбү.
Кагылайын, эрмегим,
Эстесең боло энеңди».

Айтканда кемпир бул сөзүн
Асмандан дабыш угушту.
Жашы дебей, карт дебей
Жабыла чуркап чыгышты.
Чагылат күнгө самолёт
Таңыркап карап турушту.

Күркүрөп чыккан үнүнө
Жайылып жаткан мал үркту.
Кишинешип айгыр-бээ,
Айлана чуркап тай үркту.

Желедеги кулундар
Тыбырчылап туйлады.
Сайгак кууган эмедей
Чуркап барат уйлары.

Чырылдап торгой асманга
Көтөрүлүп ал учту.
Уя басып уктаган
Канаттуунун баары учту.

Уламдан улам жакындап,
Үнү кулак тундурду.
Илгерки тааныш жерине
Имерип келип кондурду.

Туш-туш жакта айылдан
Баары чуркап келатты,
Келин-кызы, кемпири,
Чалы чуркап келатты.
Энтигишип жаш балдар
Дагы чуркап келатты.

Айласы жок оорудан
Кемпир калды туралбай.
Карыя да барбады
Кемпиринен чыгалбай.

Калган жандын бардыгы
Түп көтөрө келишти.
Тосуп чыккан алдынан
Эки киши көрүштү.

Көздөрүндө айнеги,
Башында бар тумагы.
Көп жыл көрүп жүрсө да,
Таанышпады Сырганы.

Тууган элин көргөндө
Сүйүнүчү батпады.
— Мен Сырга,— деп бек күлүп
Тумакты алып таштады.

Кучакташып, өпкүлөп,
Курчап алды Сырганы.
Курбу-курдаш, жеңелер
Кубангандан ыйлады.

— Ким ооруду мында,—деп
Сырга акырын сурады.
— Ооруп жаткан энекең,
Кейибегин, чырагым.
Ооpу киши кайсы деп,
Кайдан билип сурадың.

Ирени кетти кумсарып,
Укканда тууган энени.
Аркасын кылчак карабай
Айылга басып жөнөдү.

— Биздин үй кайсы, көрсөтчү,
Энемди барып өбөйүн.
Алдейлеп баккан апакем
Аманында көрөйүн.

Эшикти ачты бир келин,
Эңкейип кирди Сырга жан.
Ак сакалы жайкалып,
Атасын көрдү ыйлаган.

—Айланайын атаке,
Алдыңда турган Сыргамын.
Сагынып келген кызыңды
Ый менен капа кылбагын.

— Чынбы кулак укканы
Ата деген үнүңдү.
Кучактап алып Сырганы
Шолоктоп ыйлап сүйүндү.

Апасынын башынан
Муңайып Сырга жөлөдү.
Ким берилип сүйбөгөн
Көтөрүп баккан энени...

— Актайын ак сүт карызыңды,
Көзүңдү ачып сүйлөгүн.
Тилеги катсын өлүмдүн,
Жыргалын көргүн дүйнөнүн.

— Талыкшып жатпай, энеке,
Таанысаң боло баланды.
«Энемдиң жайы кантет» — деп,
Доктордо Сырга карады.

Жүрөгүн тыңшап оорунун,
Жылмайып доктор сүйлөдү:
«Учалы азыр кечикпей
Муңайбай Сырга жүр — деди, —

Өлүмдөн алыс бул киши,
Куттуктап кармайм колуңду.
Өз колу менен энекең
Өткөрөт сенин тоюнду».

Бетинен нуру чачырап
Толкундап Сырга кубанды.
Колуна салып энесин
Көтөрүп үйдөн чыгарды.

Жадырап күлүп баарысы,
Жабыла калбай барышты.
Этият менен кемпирди
Самолетко салышты.

Күркүрөп мотор айланды
Тетигин Сырга басканда.
Ак шумкар эргип учкандай
Айланып чыкты асманга.

Көк зоонун башын кыдырып,
Көкөлөп Сырга жөнөдү.
Катуулап урган шамалга,
Көздөрүн ачты энеси.

Асмандан көзүн айырбай
Карыя турду кубанып.
Калтырак басып сүйлөдү,
Добушун катуу чыгарып:

«Айланайын, калайык,
Абайлап дагы карачы.
Асмандан сызып бараткан
Ардагым Сырга канаты.

Талпынып куштай, садага,
Таалайлуу кылдың атанды.
Өкүнүч болбос дүйнөдө
Өмүрүм кайра жашарды.

Канаттуу кылган адамды,
Учурган көккө баламды,
Кагылам сага, большевик,
Жасаган ушул заманды...»

## ӨҢҮМДӨ КӨРГӨН ТҮШ

Саймадай гүлгө жарашкан
Сайраган булбул үнү эле.
Акындын көөнүн толкуткан
Ай жарык жылуу түн эле...

Элимдин болгон дарканы
Эрлерди өткөн эстедим.
Учуна чыкпай кыялдын
Үргүлөп уктап кеткемин...

Өмүрүн сайган журтуна
Өрнөгү сонун өткөндүн.
Билгенге таасир кыларлык
Бир ажайып түш көрдүм...

Жылдыздай калкым жыбырап
Жыйналып жыйын куруптур.
Шарпылдап долу Ысык-Көл.
Шамалсыз толкуп туруптур.

Көп үйлөр катар тигилген
Көк ала майдан шиберге.
Шаңкылдап кыздар отурат
Жибектен соккон килемде.

Атандар жатат чөгүлүү,
Алтындар жатат төгүлүү,
Асаба туулар кылкылдап,
Адамдын толкуйт көңүлү...

Аңкыган жыты жыпардай
Айлана көркөм караса,
Кубантып жанды нур чачат
Күн менен Чолпон жанаша...

Шааниге салып асманды
Шаңшыган бүркүт көрүнгөн,
Жаркырап, балкып ай чыгып,
Жарыгы жерге төгүлгөн...

Сызылат тоодон жылтылдап,
Сымаптай суусу булактын.
Комузду коштоп куулжуйт
Коңуру күүсү кыяктын...

Тамаша... сайран... салтанат
Таң калып карап турамын.
«Кандай той, кандай жыйын?»—деп
Кара чач кыздан сурадым.

Жоодурап турган сулуудан
Жоопту мындай угамын:
«Обочо турган карыя
Ошондон барып сурагын».

Ак боз ат минген бир киши,
Агарган сакал карга окшойт.
Далысы шумкар мүрүдөй,
Далайды көргөн жанга окшойт.

Маңдайы сары жылдыздай
Балбылдайт эки көздөрү.
Он миң-сан элди каратат
Оозунан чыккан сөздөрү...

Кабылан сындуу карашы
Кайратка бүткөн эр экен·
Агасы болгон журтунун,
Акылга дыйкан эме экен...

Баш ийип, колун куушуруп,
Барганда басып жанына.
Башкача назик үн менен
Баштады сөзүн карыя:

—Келет деп сени күткөмүн,
Керемет жыйын сонунга.
Сүйлөй бер, кандай кебиң бар
Сүрдөнүп, уулум, корунба?!.

Сагынып тосуп аламын
Саламын сендей баламдын.
Таалайың тилеп картайган
Тааный жүр, Бакай абаңмын.

Карачы калкым чогулду
Кайратка ташып эреркеп.
Кадырлап баккан балдарын
Казатка бүгүн жөнөтмөк...

Кара курч болот зулпукор
Кармагын, сага жасаттым.
Айтылуу кыргыз кулуну
Ардагым, сага жасаттым...

Ай чапчып турган аргымак
Минет деп сага камдадым·
Атагы чыккан ак олпок
Киет деп сага камдадым.

Өрүшкө толгон калың эл,
Өстүргөн сени топ ошол.
Өчөшкөн кара душманды.
Өрттөөчү кызыл чок ошол!..

Айманбоз минип алдыма,
Айбыкпай колду баштадым.
Кылымдан, балам, көрбөгөм
Кыргыздын жоодон качканын.

Жаядындай тийгин душманга,
Жашынып үйдө жатпагын.
Батамды, уулум, берейин
Бабаңдын даңкын актагын!

Куралын таштап колунан
Кулдукка кыргыз көнбөгөн.
Кыяндай каптап келсе да,
Кыргызды душман жеңбеген!..

Эрлерди көрсөм деп ойлоп,
Эзелден көксөп самадың.
Көрсөтүп баарын чыгайын
Көзүңдү жумбай карагын!

Тээтиги:
Маралдай сулуу ат минип
Башкарып турган көп элди,
Башкача бүткөн көркүнө
Башкалар кайдан теңелди!

Айчылык жерден кыйкырса,
Ажыдар качкан үнүнөн,
Алдынан чыдап чыгалбай,
Ак жолборс корккон сүрүнөн...

Ак кула атын ойнотуп
Айбалта, найза өңөргөн.
Абакең Манас шер ошол!

Тээтиги:
Саамайын артка өрдүрүп,
Сарала минип көрүнгөн,
Каарданып кыйкырса
Кара таш тептең бөлүнгөн...

Таласка келип жердеген,
Кыргызды келип элдеген.
Кылычынан кан тамып
Кыргында намыс бербеген.

Канжарын жалаң байланып,
Касташкан жоосун жалмаган.
Кармаша келген душманды
Кара койдой айдаган!..

Алтын айдар, чок белбоо
Алмамбет деген эр ошол!..

Анагы:
Көк ала тулпар аты бар,
Көк соот темир жамынган,
Кайраттанып ун салса
Какшаалдын тоосу жаңырган.

Караанын жоонун көргөндө
Кабыландай чамынган.
Качырып найза салганда.
Кара кан суудай агылган.

Чаалыгып күчү бошобой
Чалгындын жолун талашкан,
Кекенип жоого киргенде,
Кем сайбаган Манастан
Арстаным Чубак эр ошол!

Кечээ
Көкөтөй кандын ашында
Көп болгон кызык укпаган.
Калмактын алпы Жолойго,
Кармашып балбан чыкпаган.

Калкымдан намыс кетет деп,
Кайгырган Манас кансырап.
Ачуусу келип кумсарып,
Алдында атын камчылап.

Калдайып турган кыргызга
Кайрылып Манас сүйлөгөн:
—Баркымды күлдөй учурбай
Балбанга түшөр ким?— деген.

Картайып жашы калса да,
Калк үчүн түшкөн балбанга.
Кайышып Жолой жыгылган
Капшырып абаң чалганда.

Катаган деген эл менен
Кара тоо башын жердеген.
Кыйлага даңкы угулуп,
Кыргыздан намыс бербеген
Кырааным Кошой кан ошол!

Тээтиги:
Кенжекедей жары бар,
Желмаяндай малы бар,
Алдындагы чал куйрук
Асмандап учат жаныбар.

Тогуз уул кенжеси.
Тоо бүркүттөй келбети.
Көйкапта жатып тартканын
Көрбөгөн адам пендеси.

Жети жыл жердин астында
Желмогуз менен алышкан.
Жыландар арбап жатса да,
Жыгылган эмес намыстан.
Эр Төштүк деген дөө ошол!

Тээтиги:
Сүмбөсүндөй жарактын
Сүйгүнчүгү Манастын.
Кундагындай жарактын
Кубанычы Манастын.

Кара калпак кийгени,
Кара тулпар мингени,
Кырк Чоронун мыктысы
Кыраан куштай тийгени.
Ардагым Сыргак ал ошол!

Кеңеши болгон Манастын,
Келбети болгон Таластын,
Акылы болгон Манастын,
Ардагы болгон Таластын.

Ак жоолуктун ичинен
Акылмандуу жан эле,
Келер ишти болжогон
Керемети бар эле..

Атасынын төрүндө
Ак марал менен уктаган,
Узун чачтуу пендеден
Укмуштуу мындай чыкпаган.

Абакең Манас өлгөндө
Алыстан уста алдырган,
Айтылып элде калсын деп
Айтылып элде калсын деп,
Ак күмкөз өзү салдырган
Каныкей апаң тетиги!..

О ана:

Жазбай тартып атаны
Жалаң кылыч байлаган,
Кунун кууп Манастын
Коңурбай дөөнү жайлаган.
Семетей агаң келатат!

Тээтиги:

Керилген тоону ашкандар,
Кештелүү калпак жаш балдар.
Канчоро менен Күлчоро
Калкыман чыккан арстандар...

Ак куунун үнү угулат
Асманды, балам, карачы.
Алтындай күнгө чагылган
Айчүрөк жеңең канаты.

Анагы:

Ак бараң мылтык асынып,
Ак зоодон тике секирген.
Куугунду көрүп зар ыйлап,
Куу эчки каргап өкүнгөн...

Бел чечип үйдө жатпаган,
Мээлесе жаздым атпаган.
Кайберен менен кармашып,
Казасы жеткен аскадан.
Кожожаш мерген ал болот!

Адырдуу тоону арытып,
Асынган келет жаш баран.
Атасы өлгөн зоокадан,
Аркы-терки аттаган.
    Молдожан деген шол болот.

Туйгундай эркин желде өскөн,
Туулуп ойгут элде өскөн.
Алгыр куш салып жаа тартып,
Арытып далай жер кескен.

Эркекче кийим кийинип,
Эркинче дуулап жыргаган.
Дарканы болуп журтунун,
Тагдырга моюн сунбаган.

Берендер муну алам деп,
Мерт тапкан барып бир жылы.
Качырган жоосун куткарбас,
Какшаал тоонун тунжуру.

Жай күнү төккөн мөндүрдөй
Жаадырган огун жебенин.
Кагылам, салтын үйрөнгүн
Кабылан Жаңыл эжеңин!

Азапка башы чалынган
Аяйм деп кырчын Абылды.
Көк туйгун куштай эргиген
Көрдүңбү эжең Жаңылды!

Тээтиги:
Кулундай сындуу аты бар,
Кундуздай чачы кубулган,
Арстаны кыргыз кызынын
Атадан артык туулган...

Кечээ
Кеңколдун бою түзөңгө
Кериле айыл конгондо.
Дубандын баары чогулуп,
Дуулаган чоң той болгондо.

«Байгеден байтал чыкпайт» — деп,
Басынтып Манас сүйлөгөн.
Көбүрүп суудай толкуду
Көрбөгөн мындай дүйнөдөн...

Кылчайып найза сундуруп,
Кызыкты эжең баштамак.
Арага Чубак түшпөсө,
Арстанды сайып жаштамак.
Айтылуу Сайкал ал ошол!

Уулдары түгүл кыргыздын
Кызы кыраан төрөлгөн.
Садагам, балам, үлгү алгын
Зардалым Сайкал эжеңден!

Кадимден бери урушка
Качырып кирген элиң бар.
Уу болуп жоого чачылган
Ушундай укмуш тегиң бар.
Учуна чыгып душманды
Уйпалай турган эбиң бар!

Алдыңан чыккан жыланга
Ажалдын чогун кызганба,
Кара чаар жолборстой
Кайрылып тийгин душманга.
Айбыгып тизе бүкпөгүн.
Артыңдан сүрөөр биз барда!..

Абакең Манас баатырдын
Арбагы барат сен менен.
Зардалым кыргыз калкынын
Салмагы барат сен менен!

Жылоодон алып жетелеп,
Жыгылсаң өйдө жөлөйүн.
Машыккан жайым бар эле
Майданга баштап жөнөйүн!..

Кан агып суудай оргуган
Казатка бара жатасың.
Алакан жайгын, кулунум,
Арстандар берсин батасын!..

Карыя муну айтканда
Калың журт гүлдөй кулпунат.
«Басынтып жоону жеңгин» — деп,
«Бактылуу болуп келгин»—деп,
Батасын берди чуркурап...

Ак мөңгү эрип эзелки
Суумдап иче кеткин дейт.
Ачылган гүлдөр жүгүнүп,
Аралап терип өткүн дейт.
Кучагын жаят Ысык-Көл,
Салкындап түшө кеткин дейт.

Асмандап турган чокулар
Ардагым чыга кеткин дейт.
Тоодогу булбул тил безет,
Токтогун, уга кеткин дейт.
Токтогул сунуп комузун,
Толкутуп күүнү черткин дейт.

Алдыман чыгып бөбөктөр
Агатай, аман баргын дейт.
Энелер айтып алкышын,
Эңишке сени салдым дейт.
Кулдукка бизди калтырбай,
Куткарбай жоону сайгын дейт.

Башымды өйдө көтөрүп,
Бакайды таппайм издесем.
Алдымда буудан токулуу,
Алыска сапар жол кетем...
Өңүмдө көргөн иш экен,
Үргүлөп жатып түш десем!..

## БАЛДАРГА ЫЛАЙЫКТУУ КИТЕПТЕР

Биздин ырыстуу өлкөнүн каарман жаштарын тарбиялоодо кооз адабияттын жана аны чыгарган элдин ролу өтө чоң. Жаш жеткинчектерди тарбиялоого биздин партия өтө чоң көңүл коёт. Кадр үчүн күрөшүү — биздин бардык күрөшүбүздүн эң керектүүсү. Биздин өлкөнүн жаштары бүткүл дүйнөдөгү жаштардын эң маданияттуусу болуулары тийиш. Анткени, биздин партия жаштар үчүн кубанычтуу өмүрдүн, көңүлдүү турмуштун эшигин ачып, окуу үчүн, ойноп күлүү үчүн, эрикпей иштөө үчүн бардык мүмкүндүктөрдү түздү.

Жаш жеткинчектер өткөн турмуштун каргыш тийген күндөрүн көрүшкөн жок. Алар улуу Октябрдан кийин туулушту. Мына ошондуктан жаш балдарга өткөн турмушту таанытуу, алардын ата-энелери кандай жашап, кандай кыйынчылыктарды баштарынан өткөрүшкөндүгүн кооз сөз, жатык тил менен айтып берүүбүз керек.

Бир дагы бала эскиликтин калдыгынын таасиринде болбосун. Бардык жаш жеткинчектер биздин колубуздан тарбияланып, биздин колубуздан өсүп-өнсүн. Бул милдетти большевиктерче колго алуу үчүн бардык куралды жумшообуз керек.

Өлкөбүздүн миллиондогон балдары мектептерде окушат. Биздин балдардын маданий талабы эң чоң. Бирок, жаш өспүрүмдөрдүн бул эң чоң талабын биз канааттандыра албай отурабыз. Балдар үчүн китептин жетишсиздиги бар.

Биздин балдар эң көңүлдүү, эң шайыр балдар. Биздин балдар ырдап көңүл ачышат. Биздин балдар «ыр ме-

ген турмуштун жолун басышат». Биздин балдар үчүн идея жагынан туруктуу, кооздук жагынан эң сонун, казактын атактуу акыны Абай айткандай, «Тишке жумшак, жүрөккө жылуу тие турган» ырлар керек. Балдар ырдаган ырларынын бир сөзүн да түшүнбөй калышпасын. Мындай ырларды биздин акындар балдар үчүн жетишээрлик жазып беришкен жок. Биздин акын жазуучуларыбыздын балдар үчүн жазууга колдорунан келишет: Аалы Токомбаев, Мукай Элебаев, Жусуп Турусбеков, Кубанычбек Маликовдордун колунан келбейт деп ким айта алат. Булар балдар үчүн жазса жаза алышат. Бирок алар көп кунт кылышпайт.

Балдарга ылайыктуу китептер жазып берүү жана ал китептерди кооздоп чыгаруу акын жазуучулардын, басма сөз оруңдарынын жана маданият майданында иштеген бардык азаматтардын милдети. Миңдеген бөбөктөрүбүздү маданияттуу, көңүлдүү түрдө тарбиялап өстүрүп, аларды каарман азаматтар кылып, билимдин, эмгектин достору кылып тарбиялашыбыз керек.

Балдар үчүн эң сонун китептер жакын аранын ичинде түзүлүүгө тийиш. Партия биздин алдыбызга ушул милдетти катуу коюп отурат. Биз аны кадырлуу милдетибиз катарында абийирибиз менен оруңдообуз керек.

## БАЛДАР ҮЧҮН КАНДАЙ АДАБИЯТТАР КЕРЕК?

Балдарды идея, маданий жагынан тарбиялай турган адабияттар бизге керек.

Балдарды ойлонтуп, ойлондуруп, аларды күрөшкө чакыра турган адабияттарды түзүү эң зарыл. Пролетариат революциясынын каарманы жолдош Георгий Димитров: «Чернышевскийдин «Эмне кылуу керек?» деген китебин кичине кезимде окугам. Чернышевскийдин бул китеби менин революциячыл оюмдун өсүшүнө өтө чоң жардам кылды»,— дейт.

Же болбосо Жек Лондондун «Мартин Иден» деген китебин алып көргүлөчү. Бул китеп дагы өз убагында революциячыл жаштарга таасир кылып, балдардын мүнөзүн өзгөртүүгө, ой-пикирлерин толуктоого өтө чоң жардам берген.

Совет өлкөсүнүн балдарына эң жогорку сапаттуу китептер керек. Биздин балдар эң маданияттуу болгулары келишет. Биздин балдар көп нерсени билүүнү каалашат. Мына ошондуктан балдарга арналып жазылган китептер маданий жагынан эң жогорку, сөз жагынан эң жөнөкөй, коюздук жагынан эң сонун болуу керек.

Өткөн турмуш менен балдарды тааныштыруу эң зарыл. Биздин жол башчыларыбыз бизге жыргалдуу турмуш алып бериш үчүн кандай күрөшкөн. Алар биз үчүн, биздин бактылуу болуубуз үчүн кандарын төгүшкөн. Мына ушулардын бардыгын балдарга айтып берүүбүз керек.

Большевиктер партиясынын жол башчыларынын граждандар согушунун баатырларынын, революция баатырларынын каармандык иштери жөнүндө балдарга айтып берүүгө тийишпиз· Балдар ошолордой жоодон коркпос баатыр болгулары келишет·

«Уядан эмне көрсө, учканда ошону алат» деген макал эң туура. Биз балдарды кандай тарбияда өстүрсөк, алар чоңойгондо ошол тарбияда иш кылышат· Өз атажуртун абдан сүйүп, өз өлкөсү үчүн аянбай күрөшө турган азаматтарды тарбиялай турган китептер жазып берүүбүз милдет·

Балдарга өткөн турмуш жана азыркы турмуш жөнүндө гана жазуу жетиштүү болбойт. Ошондуктан келечек турмуш жөнүндө жазып берүү, тарбиянын керектүү куралынын бири.

«...Өнөр үчүн көп зарыгып,
Өксүп жүргөн баламын.
Көз көрбөгөн далайларды
Көксөп кыялданамын.
Ээн жылга капчыгайга
Катар шаар салармын.
Тоолук кыраан карчыгадай,
Кайгып учуп бармын·
Көкөмерен, Суусамырдын
Көп сууларын бурармын.
Днепрдей электордун
Станцасын курармын...»

Мына ушуга окшогон ырлар, мына ушундай келечек турмуш жөнүндө сүйлөгөн аңгемелер балдардын көңү-

лун өстүрөт. Балдарга жаңы пикир туудуруп, келечек күндөр жөнүндө ойлонтот.

Балдар үчүн техниканын жетишкендиктери, билимдин кереметтери жөнүндө билим фантазиясын жазуу эң ширыл. Маселен: айга учуу, деңиздин түбүнө шаар салуу, муздуу суук жактарга жүзүм, алма өстүрүү, мына ушуга окшогон илимдин күчү менен иш жүзүнө ашууга мүмкүн маселелер жөнүндө балдарга сүйлөп берсек, эң эле сонун болбойбу.

Балдардын ой-пикирин өстүрүп, көңүлдөрүн ача турган китептерди түзүү үчүн күрөшүүбүз тийиш. Чет элдердеги балдардын жаш достору кандай турмушта жашашат, алардын ата-энелеринин көргөн күндөрү, тарткан азаптары жөнүндө, капитализмдин зулумдугу жөнүндө балдарга түшүнүктүү кылып сүйлөп берүү биздин милдетибиз.

Жогорку көрсөтүлгөн маселелер жөнүндө балдар үчүн китеп жазууга мен кыргыздын акын жазуучуларын чакырамын. Эгерде, биз чындап киришсек, балдарга жага турган китептерди түзө алабыз.

## ФОРМАЛИЗМГЕ КАРШЫ

Адабиятта жана искусстводо уялап алган формализмге каршы күрөш жүрүп бара жатат. Бул күрөш большевиктик адабиятты түзүү үчүн жүргүзүлгөн партиянын күрөшү. Балдар адабиятын түзүүдө формализмге каршы күрөшүү эң катуу коюлууга тийиш. Кээ бир жолдоштор балдар үчүн чыгарма жазат десе, тескери түшүнүшөт. «Таан жөнүндө», «Тоок жөнүндө», «Карга жөнүндө», «Мышык жөнүндө» бир нерсени төртө салышып эле, «Балдар адабияты» дей салышат. Бул туура эмес. Тоок, таан жөнүндө да жазуу керек. Бирок, куштар жөнүндө жазса эле, балдар адабияты болот деп түшүнүү ката. Балдарды тарбиялоо үчүн аларга табияттын сырын тааный турган, күндөлүк турмушунда учурай турган маселелерден жазуу керек.

Формализм көбүнчө башка тилден которулган китептерде көп. Котормочу жолдоштор ким үчүн, кимдин билими, кимдин окушу үчүн которуп жатышкандыктарын эстеринен чыгарып коюшат. Жатык тил менен кыргыз балдарынын шартына ылайыктап которуудан эринишет. Кээ бир убактарда шашып эле которо салышат.

Маселен: Чуковскийдин «Чаташуу» деген китебин Кубанычбек которгон. Бул китептин аты да «Чаташуу», ичиндеги сөзү да «чаташуу». Орусчадан которгондо ошол бойдон эле сомдой салган. Буга үстүртөн формальный каралган.

Балдар үчүн башка тилден которулган китептер эркин которулсун жана жергиликтүү балдардын шартына, турмушуна ылайыктап которулсун.

Биз балдар үчүн болгон дүйнөдөгү адабияттын шедеврлерин, сонундарын кыргыз тилине которуу ишин колубузга алуубуз милдет. Ал которулган китептер балдар үчүн пайдалуу, түшүнүктүү, кызыктуу болгудай болсун.

## БАЛДАР ҮЧҮН ЧЫГАРЫЛГАН КИТЕПТЕРДИН ИЧИНДЕГИ СҮРӨТТӨР ЖӨНҮНДӨ

Башталгыч мектептин экинчи класстары үчүн чыгарылган окуу китебинде балдар жайдын күнү турсичен сууга чуркап бара жатышат деген. Сүрөтүндө болсо, беш-алты кыргыздын баласы чоң тон, чоң тебетей болушуп чуркап бара жатышат.

Аалынын «Биздин китеп» деген чыгармасынын ичиндеги сүрөттөр тарбияга каршы тартылган. Кыштын күнү кыргыздын балдары жылаңайлак мектепке бара жатышат. Балдар чогулуп алып муунушуп, мушташып жатышат. Буга окшогон сүрөттөр тап душмандардын тескери пикирлерине жардам берет. Балдарды таза, маданияттуу өстүрүүгө зыян келтирет. Мына ошондуктан балдар үчүн жазылган китептердин ичиндеги сүрөттөргө көбүнчө көңүл коюу керек.

## БИЗДЕ ТҮГӨНБӨС КЕНЧ БАР

Балдар адабиятын түзүүдө бизде материалдардын түгөнбөс кенчи бар. Кыргыздын ооз адабияты дүйнөдөгү ооз адабияттын эң зор мүлкүнөн болуп эсептелет.

Балдарга ылайыктуу жомоктор, ырлар, табышмактар, макалдар толуп жатат. Маселен: «Эр төштүк», «Алдар көсөө», «Акыл Карачач». «Жети таз менен жеке таз», «Сарынжы менен Бөкөй» мына ушуларга окшогон эл жомокторун, эл ырларын балдар үчүн китеп кылып чыгарууга эмне үчүн болбосун. Жомоктордун ичинде жаштарга тескери тарбия бере турган жерлерин алып салып, ошол жомоктун негизинде жазууга ар бир жазуучунун

акысы бар. Пушкин жана башка улуу жазуучулар өздөрүнүн көп чыгармаларын эл жомокторунун негизинде жазышкан.

«Манас» менен «Семетей». Семетейдин кээ бир жерлеринде балдарга ылайыктуу эң сонун жерлерин басып чыгаруу зарыл.

Эл адабиятынан үйрөнүү, эл адабиятын пайдалануу, маданияттын эски мурастарын биздин курулуш, биздин иш үчүн кызмат кылдыруу эң керектүү милдетибиздин бири. Жаңыны түзүү үчүн эскини билүү керек. Эл арасындагы күлкүлүү жомокторду, куудул сөздөрдү акылман макалдарды балдар адабиятын түзүү үчүн мыкты пайдалануубуз тийиш. Кыргыз маданиятынын нечен кылымдар бою жыйналган мүлкү — оозеки адабияты балдар үчүн турактуу, көрктүү, кызыктуу адабиятты түзүүгө түгөнбөс азык.

Эл оозунда айтылып жүргөн балдарга ылайыктуу жомокторду жыйноо ишин комсомол уюмдары колдоруна алуулары тийиш.

Биздин колдон келбей турган иш жок. Балдар адабиятын түзүүдөгү кемчиликтерди жоюу, балдар үчүн сонун адабиятты түзүү сөзсүз биздин колдон келет. Анткени, бул үчүн биздин улуу партиябыз, өкмөтүбүз толук шарт түздү. Түйүндүн баары эле чыгынып киришүүдө.

Балдар адабиятын коохдоп чыгаруу ролу өтө чоң. Сүрөт, боёк, жакшы кагаз, ачык тамга балдар адабиятында чечүүчү ролду ойнойт. Буларга «майда иш» деп кароо натуура иш болот. Мына ошондуктан сүрөтчүлөр кадрларын түзүүнү, көңүлдүн борборуна коюшубуз тийиш. Балдар адабиятынын кадрларын даярдоо, аларга жардам берүү, аларды өстүрүү жумушун большевиктерче колго алуубуз тийиш.

*Жоомарт Бөкөнбаев*
*30 III-36-жыл.*

---

## *МАЗМУНУ*

### Ырлар

Менин каным . . . . . . 5
Менин ырым . . . . . . 5
Жар таштa . . . . . . . 6
Жүрөк тагы . . . . . . 7
Октябрдын таңы . . . . 8
Туулган жерди көргөндө . . 10
Маданият . . . . . . . 10
Мугалим . . . . . . . . 11
Өлбөс Ленин . . . . . . 11
Жаштар күнү . . . . . . 14
Мен жаңынын эркеси . . . 15
Эрик кызы . . . . . . . 15
Эжеме кат . . . . . . . 16
Комсомолдор . . . . . . 18
Жаш кайрат . . . . . . 19
Мен өзгөрөм . . . . . . 20
Москва . . . . . . . . 23
Кыялым бир күн чын болор 28
Шат көңүл . . . . . . . . 30
Жүрөгүм менин добул бас . 30
Кыял . . . . . . . . . . 31
Октябрь . . . . . . . . . 32
Майдын ыры . . . . . . . 32
Жаштык кез . . . . . . . 33
Жарыштын жаштар тулпары . 33
Канаттуу жаштар . . . . . 34
Жаш бурак . . . . . . . . 35
Желпинет туу, желпинет . . . 36
Эркелетип энеси . . . . . . 38
Гүл турмуш . . . . . . . 40
Антым . . . . . . . . . . 42
Кыргыздын Ала-Тоосу . . . 43
Испан баласынын ыры . . . 45
Бир кайың . . . . . . . . 47
Булбул . . . . . . . . . . 47

### Тамсилдер

Күзгү көпөлөк . . . . . 51
Торгой менен жагалмай . . 52
Жылан менен бака . . . 54
Түлкү менен бөдөнө . . . 56
Мышык менен май . . . . 59
Булбул менен гүл . . . . . 59
Кулаалы . . . . . . . . . 59
Сагызган сактыгынан өлбөй суктугунан өлөт . . . . . 60

### Поэмалар

Чептен эрдин күчү бек . . 65
Аткан таң . . . . . . . 68
Кыздын канаты . . . . . 70
Өңүмдө көргөн түш . . . 76
Балдарга ылайыктуу китептер 86
Балдар үчүн кандай адабияттар керек . . . . . . . . 87
Формализмге каршы . . . 89
Бизде түгөнбөс кенч бар . . . 90

ДЖООМАРТ БОКОМБАЕВ

**Сила храбреца крепче крепости**

(НА КИРГИЗСКОМ ЯЗЫКЕ)

*для старшего школьного возраста*
*өспүрүмдөр үчүн*

Редактор *Т. Касымбеков*
Художн. редактор *А. С. Осташев*
Техн. редактор *Н. Климов*
Корректор *М. Ашымбекова.*

Терүүгө 26/I 1959-ж, берилди. Басууга 22/VI 1959-ж. кол коюлду. Кагаздын форматы $84 \times 108^1/_{32}$. 4.61 басма табак. 4.31 учёттук басма табак. Д—03175 Заказ № 831.
Тиражы 24000. Мукабасыз баасы 1 с. 55 т. мукабасы 2. 50 т.

Фрунзе, тип. № 1 Главиздата Мин. культ. Кирг. ССР.

Баасы 1 с. 30 т.

Цена с 1.[illegible] 1961 г.
[illegible] 12 коп.

3,92